**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**

Окуу бөлүмүнүн башчысы

_______________ Ж.Ж.Усубалиева

"_5_" ___09___ 2025 г.

**БЕКИТЕМИН**

Академиялык иштер боюнча проректору

_______________ К.О.Омурова

"___" ___09___ 2025 г.

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## «СОЦИАЛДЫК- ЭКОНОМИКАЛЫК БИЛИМДЕРДИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Даярдоонун багыты**: 550400 «Социалдык экономикалык билим берүү»

**Даярдоонун профили:** *Тарых*

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

Жумушчу программаны түзгөн
т.и.к., профессордун м.а. _________________ Эсеналиева Г.О

**"Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»** «_3_» ___09___ 2025 жылдын №__2__ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент_________________ Э.О. Бектурова

НББПнын жетекчиси, п.и.к., доцент _____________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «_4_» ___09___ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. ____________________ Г.О. Эсеналиева

# 1.АННОТАЦИЯ

«Тарыхты окутуунун методикасы» дисциплинасы 550400 – социалдык-экономикалык билим берүү берүү багытынын тарых профилинин окуу планында (коду: Б.3.1.5.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттрдын жалпы саны – 360, аудиториялык сааттар – 172, анын ичинде дарс – 86, семинардык сабак – 86 саатты түзөт. Ал эми 188 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 12 кредитти түзөт. Курс 3-4-5-6-семестрлерде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.3.2.1.5 | 1 | 12 | 360 | 86 | 86 | - | 188 | 2-4 сем, зачет.<br>3-5 сем, экзамен. 5-сем, 5-семестрде курстук иш. |

**Курстун мүнөздөмөсү:**

Тарыхты окутуунун методикасынын предмети (МПСЭО) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде Тарых жана социалдык-экономикалык билимдердин мазмунун өздөштүрүүгө окутуу жана үйрөтүү маселелерин карайт.

Жалпы билим берүүчү мектептерде социалдык чөйрөдөгү билим берүү жараяны илимий- педагогикалык жаңы шарттарды мүмкүнчүлүктөрдү**,** жөндөмдөрдү эске алуу менен ишке ашырылып жатат.

Тарыхый билимдерди окутуунун методикасы келечектеги мугалимдин кесиптик ишмердигине байланыштуу окутуунун укуктук-жоболук базасы, окуу-методикалык комплексинин мазмуну, окуу материалынын мазмунун түзүлүшү, окуучу менен мугалимдин ишмердүүлүгүгү жана анын усулдары, ыкмалары, жөндөмдөрү менен куралдандырат.

Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү тармагын модернизациялоо (жаныловдо) концепциясында окуу ишмердигинде окутуу жараянын кайрадан карап чыгуу аркылуу окуу материалын дидактикалык негизде азыркы педагогикалык шарттарга ылайык өз алдынча иштөөгө ээ болгон компетенттүү мугалимдерди даярдоо милдетин чечүүгө түздөн-түз жардам берет.

Тарыхый билимдерди окутуунун методикасынын алдында эң эле жөнөкөй түшүнө турган, бирок чечмелөөдө татаал процесс болгон «эмнеге окутуу?», «эмнени окутуу?», «кантип окутуу?» багытындагы суроолор жана маселелер турат.

*«Эмнеге окутуу?»* маселеси окутуунун максаттарын аныктап (билим берүүчү, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк), мугалим менен окуучунун биргелешкен ишмердүүлүгүнө бирден-бир натыйжа бере турган багыттары экендигин белгилөө.

*«Эмнени окутуу?»* – бул маселе окутуунун мазмуну. Мугалим тарабынан берилүүчү тарыхый мазмунду, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн жана таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен туура тандалып алынгандыгы, окуу процессин ийгиликтүү уюштурууга алып келет.

Ал эми *«кантип окутуу?»* колдонулуучу усулдар, ыкмалар жана каражаттардын жардамы менен окутуунун сапатын, натыйжалуулугун, өздөштүрүү деңгээлин андан ары дагы көтөрүү болуп саналат.

Тарыхты окутуунун методикасы педагогика илиминин тармагы катары калыптанып, башка илимдер менен да тыгыз байланышта өнүгүп келе жатат. Алсак, мектеп окуучуларынын дүйнөнү таанып-билүүдөгү ой жүгүртүүлөрүн, тарыхый баалуулуктарга болгон көз-караштарын билүү боюнча философия илимине, окуучулардын ички дүйнөсүн, психологиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, руханий байлыгын аңдап байкоо жүргүзүүдө психология илимине таянат.

Окуучулардын, ата-энелердин коомдогу ээлеген орду, социалдык абалы, муктаждыгы дайыма мугалимдин көңүлүнүн борборундагы маселелерден болгондуктан социология илими менен тыгыз байланышта өнүгөт.

Ал эми анын предмети – тарых жана коомдук илимдер, анын негизинде изилденген илимий билимдердин мазмуну, алардын өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдүүлүктөр. Ошондуктан аны окуп үйрөнүүдө келечектеги мугалимдерге баса белгилеп коюучу баалуу ой-пикир: тарых курстары (Ата Мекендин тарыхынын бардык мезгилдери боюнча жана байыркы дүйнөнүн тарыхы, орто кылымдын тарыхы, жаңы тарых, соңку тарых) менен катар "Адам жана коом", сабактарындагы социалдык-экономикалык багыттагы илимий билимдердин негизин өздөштүрүү. Демек, окутуунун методикасы – социалдык-экономикалык билимдердин мазмунун өздөштүрүүнүн деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү менен практикалык кызмат аткарат.

## 2.ОКУУ ДИСЦИЛИНАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

### I.1.Предметтин максаты жана милдеттери:

Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн компетенттүүлүктөргө ээ болгон мугалимдерди даярдоодо, социалдык тарамдагы предметтерди окуп үйрөнүүнүн жана өздөштүрүүнүн натыйжалуу жыйынтыгын камсыз кылуу.

Педагогикалык багыттагы социалдык-экономикалык билим берүүнүн бакалаврынын методикалык моделин иштеп чыгуу.

**Предметтин милдеттери:**

- Тарыхый билимдерди окутуунун укуктук-нормативдик жоболорун билүү жана түшүнүү;
- Тарамдагы предметтерди окуп үйрөнүүнүн окуу-усулдук каражаттарын билүү жана түшүнүү;
- Социалдык тарамдагы предметтердин мазмунунун түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн билүү жана түшүнүү;
- Тарамдагы предметтерди окутуу усулдарын, ыкмаларын түшүнүү жана колдоно билүүгө үйрөтүү;
- Предметтерди окуп үйрөнүүдө окуучулардын таанып билүү мүмкүнчүлүгүнүн негизги факторлорун талдоо жана баалоо;
- Социалдык тарамдагы предметтерди окутууда мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүнүн негизги элементи болгон сабак системасын билүү жана түшүнүү;
- Окутуунун интерактивдүү ыкмаларын, жаңы технологияларын, программалык окутуу, долбоорлоо ишмердүүлүктөрүн колдоно билүүгө үйрөтүү.

***Тарбиялык милдеттери:*** Адамзаттын цивилизациялык доорлордо басып өткөн жолун таанып билүү менен, окуучуларды келечекке алга умтулуучу (прогрессивдүү ) көз караштарга, жаратмандык, адамкерчилик касиеттерге тарбиялоо;

***Өнүктүрүүчү милдеттери:*** Тарыхыйлуулук, цивилизациялык көз караштa ой – жүгүртүү, эли-жерин, өлкөсүн сүйүүгө сергек мамиле кылуу сезимдерин өнүктүрүү.

***Стратегиялык милдеттери:*** Өткөндү билүү, түшүнүү, талдоо, жалпылоо менен баалоо аркылуу өлкөнүн, социумду келечегин куруучу тарыхый цивилизациялык билимдерди окутуу, үйрөтүү аркылуу тарбиялоочу адистерди даярдоо.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Тарыхты окутуунун меилдикасы» дисциплинасы **550400** – Социалдык-экономикалык билим берүү багытынын **"Тарых"** профилинин окуу планында кесиптик түрмөгүндө (коду: Б.3.1.5.) орун алган.

"Тарыхты окутуунун методикасы" предмети жалпы орто билим берүүчү мектептерде окутулган Дүйнө тарыхы жана Кыргызстан тарыхы, "Адам жана коом" (Жаран таануу) предметтеринде каыптанган билим билгичтиктер, көндүмдөргө таянат. Предметтин пререквизити катары Педагогика, Психология багытындагы предметтер эсептелет.

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптындырылган компетенциялар**

| Код | | Кредит | Семестр | Компетенциялар |
|---|---|---|---|---|
| Б.3.2.1. | Психология | 10 | 1-2-3. | ЖК-4, ИК-3. ИК-4, СИЖМК-1, |
| Б.3.1.2 | Педагогика | 10 | 1-2-3. | ЖК-4, ИК-5,ИК-6, СИЖМК-1, СИЖМК-4, КК-2, КК-7,КК-8. |

Ал эми постреквизити б.а. предметтин мазмуну, социалдык билимдердин чөйрөсүндөгү Дүйнөлүк тарых, Кыргызстан тарыхы, "Адам жана коом" (Жаран таануу), Адеп, сыяктуу тарых жана интегративдик курстардын мазмунунан алынган материалдарды колдонот. Аталган предметти өздөштүрүү педагогикалык ишмердүүлүк тарамында, көнүктүрүү- педагогикалык, базалык-адистик практикаларды ийгиликтүү өткөрүүгө, жыйынтыктоочу квалификациялык аттестацияларга "Педагогика жана МПСЭО негизги база болуп кызмат кылат. Ошондуктан, бул типтүү программанын структурасы жана мазмуну аталган тарых жана интегративдик курстарды жалпы билим берүүчү мектептерде окутуунун методикасы боюнча теориялык жана практикалык мүнөздөгү материалдарды камтыйт. Типтүү программа 550400 социалдык-экономикалык билим берүүнүн бакалаврына окуу-методикалык жактан жардам берет.

## 4.ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА АЛЫНУУЧУ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

### I.3. Предметтин мазмунун өздөштүрүүнүн жыйынтыгына коюлган талаптар.

Предметти өздөштүрүүнүн натыйжасында студенттерде төмөнкү компетенттүүлүктөр калыптанат:

| Компетен-циянын коду | НББП өздөштүрүү жыйынтыгы Компетенциянын мазмуну | Курсту окутуунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү |
|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| Жалпы илимий компетенция | ЖИК-2 | Билим берүү процессинин керектөөлөрүнө дал келүүчү пландоону жана аны ишке ашырууну, заманбап жана илимий-негизделген окутуу технологияларын пайдалануу менен көбүрөөк өз алдынча иштөө аркылуу жаңы билимдерге ээ болууга жөндөмдүү (жетекчилик астында) | ***Билет:*** адамзатты курчап турган илимий билимдердин жалпы системасын өздөштүрөт, традициялык жана инновациялык идеяларды түшүнүп жана аларды пайдалана алат. ***Колдоно билет:*** заманбап жана маалыматтык технологияларды кесиптик иштеринде жана долбоорлор менен иштөөдө колдоно алат. |
| Инструменталдык компетенция | ИК-1 | максаттарды коё билүүгө жана ага жетүүнүн жолдорун тандоого, маалыматтарды кабыл алууга, талдоого жана жыйынтыктоого жөндөмдүү; | ***Билет:*** максатты коюуда ага жетүүнүн жолдорун өздөштүрөт жана мамлекеттик жана расмий тилдин ордун түшүнөт. Маалыматтарды алуу жана аларды иштеп чыгууну өздөштүрөт. ***Колдоно билет:*** маалыматтарды алуу жана сактоо менен компьютерде иштей билет.Мамлекеттик жана расмий тилде өз ойлорун билдире алат |
| социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенция | СИ ЖМК-1 | коомдогу калыптанып калган моралдык жана укуктук ченемдердин негизинде социалдык өз ара байланышууга жөндөмдүү, адамдарга сый-урмат менен мамиле кылууга, маданий ар түрдүүлүктөрдү толеранттуулук менен кабыл алууга, атаандаштык мамилелерди колдоого даяр; | ***Билет:*** толерантуу болуу жолдорун, окуучуларды тарбиялоодо этникалык, укуктук эрежелердин мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууну түшүнөт. Жарандык коомдун баалуулуктарын, кесиптик билимге байланыштуу психологиялык-педагогикалык билимдер жөнүндө түшүнүк алат. ***Колдоно билет:*** ар кандай проблемалуу жагдайларды толерентуу болууга даяр, окуучуларга этикалык жана укуктук тарбия берүүнүн жолдорун билет. Коомдогу баалууктарды сактай билет, |
| алпы кесиптик компетенци | КК-1 | өзүнүн келечектеги кесибинин социалдык маанисин түшүнөт, кесиптик ишмердүүлүтүн максаттарын ишке ашыруу жөндөмдөрүнө ээ болот; | ***Билет:*** келечектеги кесибинин пайдалуулугун билет.Кесиптик сүйлөө маданиятын жана педагогикалык этиканы өздөштүрөт. ***Колдоно билет:*** кесибине байланыштуу педагогикалык этиканы пайдалана алат, сабактарга дидактикалык окуу материалдарын даярдап аны колдоно алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Педагогикалык ишмердүүлүк тармагындагы кесиптик компетенция | КК-1 | ар кыл билим берүү мекемелеринде базалык жана элективдик курстар боюнча окуу программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү; | ***Билет:*** кесиптик ишмердүүлүгүнө байланышуу маселелерди, методикалык көйгөйлөрдү түшүнөт, билим берүүнүн программалары менен таанышат.Окутуунун интерактивдүү методдорун түшүнөт. Коомдук турмуштагы экономикалык өзгөчөлүктөрдү билет. өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура алууну; мектептеги тарых жана СЭБ сабактарын окутуунун максаттарын коюуну жана көйгөйлөрүн көрө билүүнү; коюлган максаттарга ылайык сабакты уюштурууда ыкмаларды жана материалдын мазмунун тандоону; өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын көрсөтө алууну билет ***Колдонот:*** окутуунун сапатын баалоонун технологияларын колдонот, программаларды колдонуу менен дидактикалык материалдарды иштеп чыгат психологиялык-педагогикалык билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана алат. Окуу планы жана пргограммаларды пайдануу менен дидактикалык материалдарды иштеп чыгат. Предмет боюнча окуу планын паландаштырат. Сабак өтүүдө окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдалана алат.Тарыхый фактыларды талдап себеп менен байланыштырат |
| | КК-2 | окуу-тарбия жараянынын сапатын камсыз кылуу үчүн окуучулардын жетишкендиктерин аныктоочу заманбап усулдарды, мультимедиялык технологияны колдонууга даяр; | |
| | КК-4 | тарыхый жараяндагы жана коомдун саясий турмушундагы адамдын ордун, тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгүн жана кыймылдаткыч күчтөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү; | |
| | КК-8 | - окутуунун интерактивдүү формалары менен усулдарын колдонуп, педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга жөндөмдүү; | |

**Компетенттүүлүктөрдү өздөштүрүүнүн натыйжасында (окутуунун жыйынтыгы)**

***Студент-бакалавр төмөнкүлөрдү билет:***

- Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын структурасын жана мазмунун билет.
- ЖББ МСнын негизинде иштелип чыккан социалдык тарамга кирген предметтик программалардын структурасын жана мазмунун, окутуунун принциптерин талдай билет.
- Социалдык тарамдагы предметтердин материалынын мазмунунун түзүлүшүн талдай билет.
- Предметтердин мазмунун натыйжалуу өздөштүрүү үчүн усулдарды жана ыкмаларды колдоно билет.
- Сабактардын системасынын теориялык жана практикалык негиздерин билет, түшүнөт.

- Интерактивдүү сабактар, окутуунун жаңы технологиялары, оюн дискуссия усулдарын, долбоор иштеринин теориясын билет жана түшүнөт.

***Студент-бакалавр төмөнкүлөрдү колдоно билет:***

- Билим берүү стандарттарынын негизинде түзүлгөн предметтик программаларды сабакка даярданууда колдоно алат.
- Календардык-тематикалык планды , календардык планды сабактын планын иштеп чыгууда колдоно билет.
- Предметтер боюнча окуу китептери менен иштөө ыкмаларын колдоно алат.
- Окуу-методикалык адабияттарды сабактарга даярданууда колдоно билет.
- Предметтин мазмунундагы фактылык материал менен иштөө усулдарын, ыкмаларын окутууда колдоно алат.
- Предметтин мазмунундагы теориялык материал менен иштөө усулдарын, ыкмаларын окутууда колдоно алат.
- Материалдын мазмунундагы терминдер жана түшүнүктөрдү окутуу усулдарын колдоно билет.
- Мазмундагы инсан таануу материалдары менен иштөө усулдарын, ыкмаларын туура чагылдыруу менен колдоно алат.
- Мазмундагы хронологиялык материалдар менен иштөө усулдарын, ыкмаларын колдоно билет.
- Таанып билүү ишмердүүлүгүндөгү негизги психологиялык факторлорду окуучулар менен иштөөдө колдоно алат.

**Студент-бакалавр төмөнкүдөй жөндөмдөргө ээ болот:**

- Социалдык тарамдагы предметтердин ЖББМСтындагы ордун аныктоого жөндөмдүү.
- Предметтик программаларды, календардык планды түзүүгө катышууга даяр.
- Календардык-тематикалык планды, сабактын планын иштеп чыгууга даяр.
- Окутуунун репродуктивдүү усулдарын колдонуу менен сабак өтүүгө даярдыгы.
- Окутуунун продуктивдүү усулдарын колдонуу менен сабак өтүүгө даярдыгы.
- Жаңы технологияларды колдонуу менен сабактарды өтүүгө жөндөмдүү.
- Тема боюнча долбоор иштерин аткарууга жөндөмдүү.

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

**5.1.**

**4-жадыбал. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү**

| **Окуу ишинин түрү** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 360 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 172 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 86 |
| Практикалык сабактар | 86 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 188 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 100 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | 60 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 18 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: зачет, экзамен | |

**Дисциплинанын семестрлер боюнча бөлүштүрүлүшү**

| Окуу иштеринин түрлөрү | Бардыгы | | Семестр | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | **2** | **3** | **4** | **5** |
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 360 | | ***68*** | ***132*** | ***60*** | ***100*** |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 172 | | ***32*** | ***64*** | ***28*** | ***48*** |
| Анын ичинде: | | | | | | |
| Лекциялар | 86 | | 16 | 32 | 14 | 24 |
| Семинар (С) | 86 | | 16 | 32 | 14 | 24 |
| Өз алдынча иштер (бардыгы) | *188* | | 36 | 68 | 32 | 52 |

**5.2.ЛЕКЦИЯЛЫК САБАКТАРДЫН КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНЫ**
**5-жадыбал.**

**5.3. Курстун тематикалык мазмуну**

| К/№ | Бөлүмдөр жана темалар | Лекция | Семинар | СӨИ | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| | **3-СЕМЕСТР** | | | | |
| 1 | Тарыхты окутуунун методикасынын предмети, маселелери. | 2 | - | | |
| 2 | Тарыхый билимдердин окутуунун калыптануусундагы негизги этаптары. | 2 | 2 | 2 | |
| 3. | КР. XX к. 90-ж. мектепте тарых адистиги боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары. | 4 | | 2 | |
| 4. | Тарых предметтери боюнча окуу комплекстери. | 2 | | 2 | |
| 5. | КР. Мектептеринде тарыхый билимдерди окутуунун концепциясы, мазмуну жана принциптери. | 2 | 2 | 2 | |
| 6 | Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый түшүнүктөр жана терминдердин орду. | 2 | 2 | 2 | |
| 7 | Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы хронологиялык билимдердин өзгөчөлүктөрү. | 2 | | 4 | |
| 8 | Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүүнүн мааниси | 2 | 2 | 2 | |
| 9 | Тарыхый билимдердин мазмунундагы фактылык материалдын өзгөчөлүктөрү. | 2 | 2 | 2 | |
| 10 | Тарыхый билимдердин мазмунундагы теориялык материалдын өзгөчөлүктөрү | 2 | | 2 | |
| 11 | Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө окуучулардын таанып –билүү мүмкүнчүлүгү жана окутууга болгон кызыгуусун өнүктүрүү. | 4 | 2 | 2 | |
| 12 | Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн калыптанышы. | 2 | | 2 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 13 | Картографиялык каражаттар менен иштөөдөгү негизги билгичтиктер. | 2 | 2 | 2 | |
| 14 | Жазуу булактары менен иштөө билгичтиктери жана көндүмдөрү | 2 | | 2 | |
| 15 | Предмет аралык байланыштарды колдонуу билгичтиктери, көндүмдөрү. | 2 | | 4 | |
| 16 | Жазуу – графикалык каражаттар менен иштөө билгичтиктери, көндүмдөрү. | 2 | 2 | 2 | |
| | **Жалпы** | **32** | **16** | **40** | |
| | **4-СЕМЕСТР** | | | | |
| 1 | Тарыхый билимдин мазмунунун түзүлүшү. | 2 | | 2 | |
| 2 | Мектепте тарых сабагын окутуунун усулдары жана ыкмалары. | 2 | 2 | 4 | |
| 3 | Окуу материалынын фактылык мазмунун окуп үйрөнүү ыкмалары жана жөндөмдөрү. | 2 | 2 | 2 | |
| 4 | Тарыхый билимдердин мазмунундагы теориялык материалды окуп үйрөнүү усулдары жана ыкмалары. | 2 | | 2 | |
| 5 | Тарыхты жана коомдук билимдердин материалынын мазмунундагы хронологиялык билимдерди окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары. Картографиялык каражаттар менен иштөө усулдары жана каражаттары. | 2 | 2 | 2 | |
| 6 | Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары. | 2 | 2 | 2 | |
| 7 | Сабак – тарыхый билимдерди окутуунун негизги элементи катары. Тарых сабагынын план- конспектиси . | 2 | | 4 | |
| 8 | Тарыхый билимдерди окутуу сабагынын функциялары жана этаптары. Тарыхый билимдерди окутуу сабагына талдоо жүргүзүүгө коюлган усулдук талаптар. Тарыхый билимдер боюнча сабактан тышкаркы иштерге коюлган усулдук талаптар. | 2 | 2 | 4 | |
| 9 | Мамлекеттик билим берүү стандарты жөнүндө түшүнүк. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарты. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин актуалдуулугу. Билим берүү тармагындагы «компетенциялар» жана «компетентүүлүктөр». | 2 | 2 | 2 | |
| 10 | Тарых сабагы боюнча 5 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар. | 2 | 2 | 3 | |
| 11 | Тарых сабагы боюнча 6 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар. | 2 | | 4 | |
| 12 | Тарых сабагы боюнча 7 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар. | 2 | | 4 | |
| 13 | Тарых сабагы боюнча 8 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар. | 2 | 2 | 4 | |
| 14 | Тарых сабагы боюнча 9 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар. | 2 | | 4 | |
| 15 | Негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы профилдик тарых курсттары боюнча мектеп окуу программалары. | 2 | 2 | 4 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 16 | Жалпы орто билим берүү мектептеринин окуу планы, түрлөрү, мазмуну. Негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы профилдик тарых курсттары боюнча мектеп окуу программалары. | 2 | | 4 | |
| | **Бардыгы** | **32** | **16** | **40** | |
| | | | | | |
| | **5-семестр** | | | | |
| 1 | Тарых сабагында интерактивдүү ыкмаларды колдонуу. Интерактивдүү сабактардын методикалык өзгөчөлүктөрү. | 2 | 2 | 4 | 6 |
| 2 | Тарыхты окутуу сабагында педагогикалык технологияларды колдонуу. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 3 | Тарыхый билимдерди окутуу сабагында оюн элементтерин колдонуу | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 4 | Тарыхый билимдерди окутуу сабагында дискуссияларды уюштуруу. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 5 | Тарыхый билимдерди окутуу сабагында театралдаштырылган инсценировкаларды уюштуруу. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 6 | Тарыхты окуп үйрөнүүдөгү теманын мазмуну боюнча долбоорлор. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 7 | Тарых сабактарында окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн түрлөрү жана формалары. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 8 | Тарых сабагында окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн түрлөрү жана формалары. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 9 | Тарых жана коом таануу сабактарда окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн функциялары. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 10 | Тарых сабактарында окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн функциялары. | 2 | 2 | 2 | 4 |
| 11 | Тарыхый билимдерди өздөштүрүүгө коюлган усулдук талаптар. | 2 | 2 | 4 | |
| 12 | Тарыхый билимдер боюнча билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн үч деңгээли. | 2 | 2 | 2 | |
| 13 | Тарыхый билимдерди өздөштүрүүдө Б.Блумдун таксономиясы. | 2 | 2 | 2 | |
| 14 | Педагогикалык практика – студенттин алгачкы тажрыйбасы. Көнүктүрүү-педагогикалык практикасы “Мектеп күнү” максаты, милдеттери. | 2 | 2 | 2 | |
| | **Жалпы** | **32** | **16** | **40** | |
| | **6-СЕМЕСТР 12-жума** | | | | |
| 1 | Билим берүү процесинин уюштурууга коюлуучу талаптар. | 2 | 2 | 4 | |
| 2 | Тарых окуу китеби жана анын структуралык компоненттери. | 2 | 2 | 2 | |
| 3 | Тарых сабагындагы окуу китеби менен иштөөнүн системасы. | 2 | 2 | 2 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Окуу тарых материалынын мазмунунун структуралык функционалдык анализи. | 2 | 2 | 4 | |
| 5 | Тарых сабагындагы гуманитардык циклдагы предметтердин интеграциясы. | 2 | 2 | 4 | |
| 6 | Тарых сабагын окутууда окуучулардын өз алдынча иштөөсү. | 2 | 2 | 2 | |
| 7 | Тарыхты окутуу процессиндеги үй тапшырмасынын ролу. | 2 | 2 | 2 | |
| 8 | Мектептеги тарых кабинети. | 2 | 2 | 2 | |
| 9 | Тарых мугалими. | 2 | 2 | 4 | |
| 10 | Тарых сабакатарындагы маалыматтык технологияларды колдонуу. | 2 | 2 | 4 | |
| 11 | Тарыхты окутууда компьютердик технологияны колдонуу | 2 | 2 | 2 | |
| 12 | Дидактикалык бирдиктерди ирилештирүү технологиясы. Модулдук-блоктук пландаштыруу. | 2 | 2 | 4 | |
| 13 | Дидактикалык бирдиктерди ирилештирүү технологиясы. Модулдук-блоктук пландаштыруу. | 2 | 2 | 4 | |
| 14 | Окуу материалынын схемалык жана белгилик моделдеринин негизинде окутууну интенсивдештирүү же күчөтүү (В.Ф.Шаталов). | 2 | 2 | 4 | |
| 15 | Окуу материалынын схемалык жана белгилик моделдеринин негизинде окутууну интенсивдештирүү же күчөтүү (В.Ф.Шаталов). | 2 | 2 | 2 | |
| 16 | Мектептеги тарыхты окутуудагы метапредметтик мамиле. | 2 | 2 | 4 | |
| 17 | Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо. | 2 | 2 | 2 | |
| | **Жалпы** | **36** | **12** | **40** | |

## Курстун бөлүмдөрүнүн мазмуну

**2-семестр**

**Тема. Тарыхты окутуунун методикасынын предмети, маселелери.**

Темага историографиялык обзор. Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасы – педагогика илиминин тармагы. Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун милдеттери жана маселелери. Педагогика илиминдеги «методика» термининин орду. Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун методикасынын тармакташ илимдер менен байланышы.

Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун максаты (билим берүүчүлүк, тарбиялык, өнүктүрүүчүлүк). Окутуунун мазмуну (тарыхый материалды туура тандоо). Окутууну уюштуруу (каражат-тары, усулдары, жөндөмдөрү).

**Тема. Тарыхый билимдердин окутуунун калыптануусундагы негизги этаптары.**

Кыргызстанда мектептерде тарыхты окуп үйрөнүүдө тарыхый-методикалык ой-пикирлердин келип чыгышынын Россиянын тарыхы менен байланыштыруунун мыйзам ченемдүүлүгү.

XVIII-XIX кк. Россиянын мектептеринде тарыхты окутуунун усулдары. Тарыхый материалды топтоштуруп окутуу боюнча Бидермандын методу. «Реалдуу метод» жө-нүндө түшүнүк. Г.Дистервегдин «Методика истории» эмгегинин негизги идеясы. «Биографиялык», «прогрессивдүү» жана «регрессивдүү» усулдар.

XX к. башында окуу-методикалык эки багыттын келип чыгышы. Эволюциялык багыт, анын өкүлдөрү, идеясы. Социологиялык багыт, өкүлдөрү жана идеясы.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде тарыхый билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү. Диний мектептер жана медреселер. Вакфтык мектептер. «Усул-и-жадид» мектептери. Орус-тузем мектептери.

1930-50-жж. мек-тепте тарыхый билим берүүдөгү өзгөрүүлөр. Мектепте би-лим берүүнүн девиздери «билимден – иш аракетке, иш аракеттен – билимге».

Советтик мектепте тарыхый билим берүүнүн өнүгүшү. 1931-жылдын 5-сентябрдагы «Башталгыч жана орто мектеп жөнүндө», 1932-жылдын 25-августундагы «Башталгыч жана орто мектептеги окуу программалары жана режими тууралуу» токтомдору.

1934-жылдын 16-майындагы «СССРдин мектептеринде граждандык тарыхты окутуу жөнүндө» токтомдорунун мааниси.

Мектепте тарыхый билим берүүдө 1950-жж. жетишкендиктер. 1960-80-жж. мектепте тарыхты окутуудагы өзгөрүүлөр жана методикалык проблемалардын иштелип чыгышы.

Тарыхты окутуунун методикасынын А.А.Вагин, Д.И.Никифоров, П.С.Лейбенгруб, Ф.П.Коровкин, П.В.Гора, Н.Г.Дайри тарабынан изилдениши.

Тарых сабагында окуучулардын активдүүлүгүнүн, өз алдынчалыгынын өнүгүшү. Окуучулардын тарыхый материалдар боюнча акыл-ой жүгүртүүсүн окуп үйрөнүү.

А.А.Янко-Триницкая, Н.И.Запорожец, Н.Г.Дайри, И.Я.Лернер окуучулардын тарыхый ой жүгүртүүсү жана окутуудагы проблемалуулук маселелери.

### Тема. КР. XX к. 90-ж. мектепте Тарых боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары.

Темага историографиялык обзор. 1990-жж. мектепте тарыхый билим берүүдөгү өзгөрүүлөр. «Кыргызстандын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде тарых сабагын окутуунун концепцисы». Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Тарых курстары боюнча мектепте жалпы билим берүүчү программалары.

Предметтик программанын концентрдик принципте түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү. Окутуунун I концентри. Археология, хронология, топонимика, геральдика, нумизматика жөнүндө алгачкы тарыхый билимдер.

Мектепте тарыхты окутуунун II концентри: 6-9-класстарда Дүйнөлүк тарых менен Кыргызстан тарыхынын байыркы мезгилден тартып, биздин күндөргө чейин туташ-мезгилдеш окутулушу.

Тарыхты окутуунун III концентри: 10-11-класстарда тарых курстарынын (Дүйнөлүк тарых жана Кыргызстан тарыхы) урунттуу учурлар катары окутулушу.

Үчүнчү муундагы жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын өзгөчөлүктөрү.

Социалдык тарамдагы предметтерди окутуунун жалпы билим берүүнүн үчүнчү муундагы стандартындагы орду.

### Тема. КР. Мектептеринде тарыхый билимдерди окутуунун концепциясы, мазмуну жана принциптери

Социалдык-экономикалык билимдерди окутууда тарыхый булактар жөнүндө түшүнүк. Тарых жана интегративдик курстарды окутуудагы тарыхый булактардын классификациясы. Тарыхый документтер менен иштөө усулдары. Тарыхты окутуунун үчүнчү концентринде тарыхый булактарды кеңири колдонуунун мааниси.

### Тема. Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый түшүнүктөр жана терминдердин орду.

Темага историографиялык обзор. Тарыхый түшүнүктөр, терминдердин, өзөк сөздөрдүн социалдык-экономикалык материалдын мазмунундагы ээлеген орду. Тарыхый түшүнүктөрдү

өздөштүрүүдөгү индуктивдик жана дедуктивдик ыкмалар. Тарыхый терминдерди өздөштүрүүдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу мүмкүнчүлүгү.

**Тема. Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы хронологиялык билимдердин өзгөчөлүктөрү.**

Темага историографиялык обзор. Тарыхый билимдерди окутууда хронология түшүнүгү. Жалпы билим берүүчү мектептин 5-классында Кыргызстан тарыхы боюнча хронологиялык билимдердин мазмунунун калыптанышы.

Тарыхты окутуунун III концентринде хронологиялык билимдердин калыптанышы.

**Тема. Тарыцхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүүнүн мааниси**

Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүү. Кыргызстан тарыхындагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүү. Инсан таануу маселесинин методикалык өзгөчөлүктөрү.

**Тема . Тарыхый билимдердин мазмунундагы фактылык материалдын өзгөчөлүктөрү**

Темага историографиялык обзор. Тарыхый материалдын фактылык мазмуну. Фактынын убакытта жана мейкиндикте чектелиши. Фактылык материалды натыйжалуу берүүнүн баяндоо ыкмасы. Кыргызстан тарыхындагы негизги фактыларды, окуяларды баяндоо.

**Тема. Тарыхый билимдердин мазмунундагы теориялык материалдын өзгөчөлүктөрү**

Тарыхый материалдын теориялык мазмунунун өзгөчөлүктөрү. Окуу материалынын теориялык мазмунун өздөштүрүүдөгү мүнөздөө ыкмасы. Түшүндүрүү ыкмасы. Сүрөттөп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү. Теориялык жана фактылык материалды окуп үйрөнүүдөгү жазуу-графикалык ыкмалар жана каражаттар.

**Тема:Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө окуучулардын таанып –билүү мүмкүнчүлүгү жана окутууга болгон кызыгуусун өнүктүрүү.**

Тарыхый ббилимдин таанып-билүүдөгү жекече-психологиялык факторлору. Таанып-билүү деңгээлинин этаптары жана баскычтары. Тарыхты окутуу процессин уюш-туруу аркылуу оң натыйжаларга жетишүү факторлору.

**Тема: Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн калыптанышы.**

Тарыхый билимдердин мазмунун окуп үйрөнүү өзгөчөлүктөрү.
Билим, билгичтик, жөндөмдөрдүн окутуунун жыйынтыгы менен байланышы.
Окутуунун жыйынтыгынын натыйжасында компетентүүлүктөрдүн калыптанышы.

Жалпы илимий компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу көнүгүүлөр жана тапшырмалар. Инструменталдык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу тапшырмалар, көнүгүүлөр.

Социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу көнүгүүлөр жана тапшырмалар.

Кесиптик жана кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу көнүгүүлөр жана тапшырмалар.

**Тема: Картографиялык каражаттар менен иштөөдөгү негизги билгичтиктер.**

Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдөгү картографиялык материалдын орду. Картанын түзүлүшү. Картографиялык материалдардын типтери жана түрлөрү. Окуялардын мейкиндикте чектелишин окуп үйрөнүүдө контурдук карта менен иштөө. Дүйнөнүн саясий картасы боюнча көнүгүүлөр жана тапшырмалар.
Кыргызстан тарыхы боюнча карталарды окуп үйрөнүүгө коюлган талаптар.

**Тема: Жазуу жана оозеки булактары менен иштөө билгичтиктери жана көндүмдөрү.**

Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдөгү жазуу булактарынын орду. Жазуу булактарынын классификациясы. Актылык документтердин мүнөзү боюнча классификациясы: грамоталар, мыйзамдар, программалар, келишимдер, буйруктар, иш боюнча каттар. Баяндоо-сүрөттөө мүнөздөгү документтер: мемуарлар, хроникалар, летопистер, каттар.

Жазуу булактары менен иштөө тапшырмалары жана көнүгүүлөрү. Архивдик документтер менен иштөө тапшырмалары.

Элдик оозеки чыгармачылык материалдары менен иштөө билгичтиктери: проза, поэзия, драма, тамсилдер, эпостор, мифтер, ырлар, эпиграммалар, сатиралык чыгармалар, учкул сөздөрдү колдонуу менен тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү иштеп чыгуу.

**Тема: Предмет аралык байланыштарды колдонуу билгичтиктери, көндүмдөрү.**

Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө предмет аралык байланыштардын орду. Окуялардын, көрүнүштөрдүн процесстердин мейкиндикте чектелиши –география предмети менен байланышы. Тапшырмалар, көнүгүүлөр.

Көркөм жана жандуу сөздүн –окуяларды элестетүүдөгү таасири. Тарыхый романдар, повесттер, пьесалардын мазмунунан тема боюнча үзүндүлөрдү, эпизоддорду пайдалануу.

**Тема: Жазуу –графикалык каражаттар менен иштөө билгичтиктери, көндүмдөрү.**

Жазуу-графикалык каражаттарынын социалдык-экономикалык билимдерди окуп үйрөнүүдөгү орду. Тарыхый материалдын мазмуну боюнча схемаларды түзүү билгичтиктери боюнча тапшырмалар. Таблицаларды, диаграммаларды иштеп чыгуу боюнча көнүгүүлөр.

**3-СЕМЕСТР**

**Тема. Тарыхый билимдин мазмунунун түзүлүшү.**

Тарыхый билимдин мазмунунун түзүлүшү. Тарыхый билимдин негизги категориялары: факт, окуя, көрүнүш, процесстер. Тарыхты окутууда окуучулардын тарыхый билимдеринин калыптанышы.

**Тема. Мектепте Тарыхый билимдерди окутуунун усулдары жана ыкмалары.**

Темага историографиялык обзор. Тарыхты окутуунун усулдарын таанып-билүүгө карата бөлүү. Окутуунун усулдарынын классификациясы. Тарыхты окуп үйрөнүүдө оозеки усулдар. Тарыхый материалды окуп үйрөнүүдөгү мүнөздөө, сүрөттөө, далилдөө ыкмасы. Жогорку класстарда өтүлүүчү лекция усулу.

**Тема. Окуу материалынын фактылык мазмунун окуп үйрөнүү ыкмалары жана жөндөмдөрү.**

Темага историографиялык обзор. Тарыхый материалдын фактылык мазмуну. Фактынын убакытта жана мейкиндикте чектелиши. Фактылык материалды натыйжа-луу

берүүнүн баяндоо ыкмасы. Кыргызстан тарыхындагы негизги фактыларды, окуяларды баяндоо.

**Тема. Тарыхый жана коомдук билимдердин мазмунундагы теориялык материалды окуп үйрөнүү усулдары жана ыкмалары.**

Тарыхый материалдын теориялык мазмунунун өзгөчөлүктөрү. Окуу материалынын теориялык мазмунун өздөштүрүүдөгү мүнөздөө ыкмасы. Түшүндүрүү ыкмасы. Сүрөттөп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү. Теориялык жана фактылык материалды окуп үйрөнүүдөгү жазуу-графикалык ыкмалар жана каражаттар.

**Тема. Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы хронологиялык билимдерди окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары.**

Тарыхый билимдерди окутууда хронология түшүнүгү. Биздин заман, биздин заманга чейинки, миң жылдык, кылым, доор, жарым кылым, чейрек кылым түшүнүктөрүнө көнүгүүлөр.

Тарыхый дата менен иштөөнүн “убакыт лентасы” ыкмасы боюнча тапшырмалар.
Жалпы билим берүүчү мектептин 5-классында Кыргызстан тарыхы боюнча хронологиялык билимдердин мазмунунун калыптанышы.

**Тема. Картографиялык каражаттар менен иштөө усулдары жана каражаттары**

Картографиялык мазмун менен иштөө үчүн тапшырмалар жана көнүгүүлөр.
Контурдук карта менен иштөө жөндөмдөрү. Дүйнөнүн саясий картасын тарых сабагында колдонуу ыкмалары жана жөндөмдөрү. Картографиялык материал менен иштөө “картанын легендасы” ыкмасы менен иштөө боюнча тапшырмалар жана көнүгүүлөр.

**Тема. Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары.**

Тарыхты окутуунун III концентринде хронологиялык билимдердин калыптанышы. Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн окуп үйрөнүү. Кыргызстан тарыхындагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүү.

**Тема. Сабак – социалдык билимдерди окутуунун негизги элементи катары.**

Тарых сабагы жөнүндө түшүнүк. Тарых сабагынын түрлөрү жана типтери.

Сабактардын окутуу бөлүктөрүнүн түзүлүшү боюнча бөлүнүшү. Жетектөөчү усулу, ишмердүүлүктүн мүнөзү жана тарыхый материалдын мүнөзү боюнча бөлүнүшү.

Сабактын негизги функциялары жана мугалимдин сабакка даярдануусундагы негизги этаптар. Аралаш сабактын түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү. Салттуу сабактын план-конспектиси. План-конспектини түзүүдө сабактын максаттарын коюунун дидактикалык мааниси. Сабакты жыйынтыктоо этабынын натыйжалуулугу.

**Тема. Тарыхый билимдерди окутуу сабагына талдоо жүргүзүүгө коюлган усулдук талаптар.**

Тарых сабагына структуралык-функционалдык талдоо. Ю.Конаржевский тарабынан сабакты талдоо жүргүзүүгө коюлган окуу-усулдук талаптары.

Сабакка коюлган дидактикалык милдеттер. Тарых сабагында натыйжага жетишүүнүн шарттары.
Таанып-билүүнү өздөштүрүүнүн үч деңгээлдүү так-сономиясынын мазмуну.

Б.Блумдун 6 деңгээлден турган таксономиясы. Тарыхый материалдын мазмунун түшүнүү, талдоо, баалоо бас-кычтарынын мааниси.

**Тма. Тарыхый билимдер боюнча сабактан тышкаркы иштерге коюлган усулдук талаптар.**

Тарых предмети боюнча өз алдынча иштердин классификациясы. Окуу ишмердүүлүгүндөгү өз алдынча таанып-билүү деңгээлдери.

**Тема. Көнүктүрүү –педагогикалык практикасынын максаты, милдеттери жана мазмуну.**

Педагогикалык практиканын максаты жана милдеттери. Практиканын мазмуну. Уюштуруу иштери, тарбия жана окуу иштеринин мазмуну.

Көнүктүрүү-педагогикалык практикасы "Мектеп күнү" педагогикалык практикасынын өзгөчөлүктөрү. Практикада студенттердин көндүмдөрүнүн, компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышы. Педагогикалык практиканын студенттин мектептеги алгачкы тажрыйбасы катары мааниси.

**Тема: Малекеттик билим берүү стандарты жөнүндө түшүнүк. Кыргыз Республикасынын малекеттик билим берүү стандарты.**

Малекеттик билим берүү стандарты түшүнүгү. ББМС «Билим берүү» ж-гү мыйзам менен бирге негизги Баш мыйзамдын бир бөлүгүн түшүндүрүүчү негизги нормативдик документ. Коомдук өнүгүүнүн перспективасына жооп берүүчү билим берүүнүн денгээли , уланышы жана кийинки өнүгүүсү –ББМС аркылуу ишке ашат. ББМСты түзүү зарылчылыгы. ББМС камсыздоочу милдеттери, анын социалдык-педагогикалык мааниси. ББМС структурасы жана мазмуну. Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты кийинкилерге негиз түзөт:

-базистик окуу пландарын, баштапкы, жалпы орто билим берүүнүн, билим берүүчү мекемелердин окуу пландарынын, окуу предметтери боюнча болжолдуу программаларга;

-жалпы билим берүүчү мекемелердин бүтүрүүчүлөрүнүн билиминин денгээлине объективдүү баа берүүгө;

- билим берүүчү мекемелердин ишмердүүлүгүнө объективдүү баа берүүгө ж. б. ББМС улуттук жана регионалдык компоненттери. ББМС функциялары.

**Тема: Билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин актуалдуулугу. Билим берүү тармагындагы «компетенциялар» жана «компетентүүлүктөр».**

Компетенциялар жана компетентүүлүк эмне үчүн керек? «Компетенция» жана «компетентүүлүк», «билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиле» түшүнүктөрү, айрымачылыгы. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин киргизүүнүн максаттары, актуалдуулугу жана зарылчылыгы. Билим берүүдөгү компетентүүлүк мамилени киргизүүдөгү көйгөйлөр. Компетенциялардын функциялары. Комптетенциялардын типологиясы: негизги, универсалдуу, метапредметтик, предметтик. Заманбап ББМСтандарттарында көрсөтүлгөн компетенттүүлүктөр. Компетенттүүлүк окутуу жана анын натыйжалары. Компетенттүүлүктөрдү калыптандыруудагы дидактикалык талаптар. Компетенттүүлүктөрдү диагностикалоо жана баалоо.

**Тема: Тарых предмети боюнча негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) билим берүү стандарты.**

Стандарттын жоболорун милдеттүү түрдө колдоно турган жана аткара турган органдар. Тарых предмети боюнча билим берүү стандартында көрсөтүлгөн тарых билимин окутуунун максаттары жана милдеттери. Негизги түшүнүктөр жана терминдер. Тарыхый билим берүүнүн структурасы: тарыхый билим берүүнүн төмөндөгүдөй үч баскычы, Кыргызстан жана Дүйнө тарыхын синхрондуу окутулушу, орто мектептердеги (базалык) тарыхый билим алуунун стандартта сунушталган окуу планын, тарых сабагы боюнча предметтик компетенттүүлүктөр, "предметтик компетенттүүлүк" түшүнүгү, негизги жана предметтик

компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы. Тарыхый билим берүүнүн колдонулуп жаткан минимумунан өзгөчөлүктөрү.

**Тема: Тарых курсу боюнча өзөктүк тематикалык сызыктар.**

**Өзөктүк тематикалык сызыктар: адам, этнос, улут, цивилизация;** мезгилдик; чектер; жашоо чөйрөсү (жашаган жери, климаттык шарттар, ресурстар, чарбалык ишмердиги); коомдук мамилелери (урук, уруу, үй-бүлө, коом, өлкө, мамлекет); саясий мамилелер (согуштар, кризистер революциялар, реформалар); маданий баалуулуктар (материалдык жана руханий (диний) баалуулуктар). Профиль үчүн өзөктүк сызык: гипотезалар (авторлору, тарыхый булактар); инсандар; окуялар.

Негизги (тогуз жылдык) билим берүүдөгү тарых предмети боюнча Кыргызстан тарыхынын маалыматтык курсу, Кыргызстан тарыхы, Дүйнөлүк тарых (Байыркы дүйнө тарыхы, Орто кылымдар тарыхы, Жаңы тарых) курстары боюнча негизги тематикалык сызыктар.

Орто (толук) жалпы билим берүүдөгү негизги тематикалык сызыктар: Кыргызстандын тарыхындагы негизги окуялар, Дүйнөлүк тарыхтагы негизги окуялар.

**Тема: Тарых сабагы боюнча предметтик компетенттүүлүктөр.**

«Предметтик компетенттүүлүк» түшүнүгү. Мектептеги тарых курсу боюнча калыптануучу компетенциялар: социалдык-инсандык, жарандык, жалпы билим алуу компетенттүүлүктөрү, маданият аралык жана анын натыйжасында күтүлүүчү натыйжалар ( билгичтиктер жана көндүмдөр, эмоционалдык баалуулуктар, жүрүм-турум баалуулуктары). «Кыргызстан тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстарындагы калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: маалыматтык компетенттүүк, социалдык-коммуникативдик компетенттүүк, хронологиялык компетенттүүк, тарыхый-картографиялык компетенттүүк, этномаданий компетенттүүк, социомаданий компетенттүүк, өзүнүн окуу таанып-билүү ишмердигин баалоо компетенттүүгү, өзүн-өзү өркүндөтүү компетенттүүлүгү. Билим берүүдөгө компетенттүү мамилени ишке ашыруудагы мугалимдин методикалык ишмердүүлүгү.

**Тема: Тарых сабагы боюнча 5 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар.**

Тарых сабагы боюнча 5 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: 1. маалыматтык компетенттүүлүктөр ( ар түрдүү булактардан Кыргызстан ж-дө маалыматтарды табат, тарыхый булактын түрүн жана мүнөзүн аныктайт, карта мене иштей алат, тарыхый топонимиканы түшүнөт, Кыргызстандагы тарыхый-маданий эстеликтер боюнча өз алдынча маалымат булагын табат ж. б.; жыл саноо системасы мене иштей алат; окуу китебинен жана кошумча адабияттан маалымат алат, керектүү маалыматты табатү аны талкууга салат жаңы терминдер жана сөздөр боюнча словарь түзөт ж. б.;); 2. социалдык-коммуникативдик (терминдердин маанисин ачып берет, оозеки жана жазуу иштеринде колдонот, кошумча тарыхый илимдерди түшүнөтү символдордун тилин түшүнөт, өзүнүн үй-бүлөсүнүн келип чыгышынын санжырасын билет; чыгармачыл иштерди аткарат ж. б.); 3. Өзүнүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү ( тарых сабагында коюлган конкреттүү маселени чечүүдө жолдорду издеп табат, маалымат даярдайт окуяларга, көрүнүштөргө баа берет, викториналарга катышат, өткөн чак жана заманбаптагы көрүнүштөрдү байланыштыра алат ж. б.)

Пропредевтикалык курс боюнча окуу программасы жана анын стандарта берилген калыптануучу компетенттүүлүктөрдү канчалык денгээлде калыптандыра алат жана окуучулардын психологиялык-интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрү көйгөйү.

**Тема: Тарых сабагы боюнча 6 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар.**

Тарых сабагы боюнча 6 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: 1. маалыматтык компетенттүүлүктөр (тиричилик жана искусствонун предметтерин, ош. эле ар түрдүү маалыматтарды колдонуп тарыхый эстеликтерди, архитектуралык курулуштарды сүрөттөйт жана алардын маанисин түшүндүрөт, тарыхый картадан окуп жаткан тарыхый мезгилдеги көчмөн мамлекеттердин, элдердин жайгашышын, мамлекттердин чектерин көрсөтө алат, окуяларды хронологиялык иреттүүлүктө жайгаштырат ж. б.); 2. социалдык-коммуникативдик (тарыхый терминдердин маанисин ачып бере алат, жообун аргументтөөдө терминдерди колдонот, алгачкы общиналык коомдун негизги белгилерин атайт, окуяларга жана көрүнүштөргү таандык белгилерди табат, тала цивилизациясынын коомдук түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн табат ж. б.);

3. Өзүнүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү ( ар түрдүү элдердин маданиятына, чарбасына өзүнүн мамилесин тайпада айтат, талкуулайт ж. б.). Окуу программасы жана анын стандарта берилген калыптануучу компетенттүүлүктөрдү канчалык денгээлде калыптандыра алат жана окуучулардын психологиялык-интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрү көйгөйү.

**Тема: Тарых сабагы боюнча 7 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар.**

Тарых сабагы боюнча 7 –класста Кыргызстан тарыхы боюнча калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: 1. маалыматтык компетенттүүлүктөр ( кыргыз эли ж-дө маалыматтарды түрдүү булактардан табат, белгилүү кыргыз инсандары ж-дө маалымат тандайт ж. б ); 2. социалдык-коммуникативдик ( ата мекен тарыхында берилген фактылар жана көрүнүштөрдү дүйнөлүк тарых менен байланыштырат, кыргыз элинин келип чыгышынын жана калыптанышынын этаптарын жана узактыгын аныктайт, кыргыздардын коңшу элдер менен мамилеси боюнча даталарды жана окуяларды салыштырат ж. б.; 3. Өзүнүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү (Кыргызстан тарыхы боюнча маалыматтарды анализдейт, кыргыздарды бириктирүүдөгү Мухаммед-кыргыздын ролуна жана ал инсандын тарыхтагы ордуна баа берет, тапшырмалар боюнча чыгармачыл иштерди даярдайт ж. б. )

Тарых сабагы боюнча 7 –класста Орто кылымдар тарыхы боюнча калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: 1. маалыматтык компетенттүүлүктөр (орто кылымдар тарыхында берилген түшүнүктөр боюнча өз алдынча маалымат табат (словарь, энциклопедия), түрк кагандыктарын мүнөздөө үчүн булактарды анализдейт, энесайлык кыргыздардын маданияты жана диний ишенимдери боюнча булактарды табат ж. б.); 2. социалдык-коммуникативдик («орто кылымдар» түшүнүгүнүн маанисин ачып бере алат, орто кылымдардын онүгүшүнүн негизги этаптарына мүнөздөмө берет, тарыхый окуялардын кесепетинен келип чыккан байланыштарын табат ж. б.); 3. Өзүнүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү ( ар кандай диний конфессияларга өзүнүн мамилесин түзөт, элдердин көз карандылыгы үчүн күрөштөрү боюнча өз оюн айтат, согуш көрүнүшүнө өз карашын калыптандырат ж. б.). Окуу программасы жана анын стандарта берилген калыптануучу компетенттүүлүктөрдү канчалык денгээлде калыптандыра алат жана окуучулардын психологиялык-интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрү көйгөйү.

**Тема: Тарых сабагы боюнча 8 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар.**

Тарых сабагы боюнча 8 –класста боюнча калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: 1. маалыматтык компетенттүүлүктөр (колониялдык империялардын түзүлүшүн жана алардын тышкы саясатынын негизги багыттарын картадан көрсөтө алат, булактардын ар түрдүү типтери менен иштейт, маалыматты салыштыруу анализдин негизинде Европа мамлекеттериндеги бириктирүүчүлүк процесстер жана реформалар ж-дө жыйынтыктарды чыгарат, тарыхтын өнүгүүсүнүн негизинде түзүлгөн маданияттык, диний, этно-улуттук традициялар боюнча баалуулук ориентирлерди алат, Батыш Европа жана Россиядагы капитализмдин өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү боюнча салыштыруучу таблицаларды

түзөт, XIX к. дүйнө түзүлүшүнүн бекем эместигин, анын себептерин, коочулукта болгон саясий, реакциялык, стихиялык жана улутчул кыймылдарды анализдейт ж. б.) 3. өзүнүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү (тайпада дискуссияларга, диспуттарга, дебаттарга катышат, каралган маселелер боюнча көз карашын айтат, жообун аргументтейт, өзүнүн турмуштагы баалуулуктары боюнча талкуу жүргүзөт ж. б.).

**Тема: Тарых сабагы боюнча 9 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар.**

Тарых сабагы боюнча 9 –класста боюнча калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр: 1. маалыматтык компетенттүүлүктөр ( тарыхый булактар жана периодикалык басма маалыматтарды колдонуп совет коомундагы адамдардын жашоо турмушунун өзгөчөлүктөрүн аныктайт, окшош фактыларды салыштырат, жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн табат, справочниктерден, энциклопедиялардан, мультимедия, Интернет тармагынан, улуу ата-мекендик согуштун катышуучулары менен болгон жолугуушулардан маалыматтарды таба алат, заманбап Чыгыш жана Батыш мамлекеттериндеги социалдык-экономикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн аныктайт ж. б.); 2. социалдык-коммуникативдик («улуттар лигасы», «согуш», «катмарлар», «Версаль—Вашингтон системасы», «социалдык демократия», «модернизация» түшүнүктөрүн түшүндүрө алат, “революция – реформалар – диктатура - революция” методун түшүнөт жана аны дүйнө мамлекеттерине колдоно алат, илимий-техникалык жана технологиялык революциялардын схемасын түзө алат, XX к. экономикалык демографиянын жана азык-түлүк көйгөйлөрүн табат ж. б.); 3. өзүнүн ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү (эл аралык абал ж-дө дискуссия жүргүзө алат, соң жаңы тарых боюнча баяндама же жазуу ишин аткара алат, бүгүнкү күндөгү моралдык-этикалык согуш кагылыштарына өзүнүн мамилесин түзөт жана аны аргументтейт, келечегин аныктоочу чечимдерди кабыл алат, аналитикалык мүнөздөгү проектилерди жана маалыматтарды аткарат ж. б.)

**Тема: Жалпы орто билим берүү мектептеринин окуу планы, түрлөрү, мазмуну.**

«Базистик план», «окуу планы», «типтүү окуу планы» түшүнүктөрү. Билим берүүнүн мазмунун окуу пландары жана окуу программалары аныктайт. ББМСтандартынын негизинде базистик окуу планы түзүлөт. Окуу планы – мектептердин ишмердүүлүгүн багыттоочу нормативдик документ жана анын мазмуну. Окуу пландарынын негизги түрлөрү. Жалпы билим берүү мектептеринин базистик окуу планы. Базистик окуу пландарынын мамлекеттик (гимназиялык, лицейдик), регионалдык жана «тандоо предметтери» компоненттери. Базистик планда эмнелер каралган.

Типтүү окуу пландары, алардын мүнөзү, ким тарабынан бекитилет. Типтүү окуу планынын мазмундуу бөлүгү.

Мектептин окуу планы, мазмуну, аны бекитип берүүчү орган.

**Тема:Негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы профилдик тарых курсттары боюнча мектеп окуу программалары.**

Мектептердеги окуу пландарынын мазмунун конкреттештирүүчү окуу программалары. Окуу программасы түшүнүгү- окуу программасы бул ар бир окуу предметтер боюнча билимдин жана билгичтиктердин мазмунун, көлөмүн, окула турган темалардын логикасын жана иреттүүлүгүн, темаларга бөлүнгөн сааттардын көлөмүн аныктоочу нормативдүү документ.

Окуу программаларынын негизги түрлөрү: типтүү, иш программалары, автордук программалар, айрымачылыктары.

Структурасы боюнча окуу программалардын түрлөрү- сызыктык, концентрдик, тепкичтик, аралаш. Окуу программаларынын, анын ичинде тарых предмети боюнча мазмуну.

## 4-семестр

**Тема. Интерактивдүү сабактардын методикалык өзгөчөлүктөрү.**

«Интерактивдүү окутуу» терминине түшүнүк. Интерактивдүү ыкмалардын окутуу процессине тийгизген таасири. Интерактивдүү окутуу процессинде билимди өздөш-түрүүдө Б.Блумдун таксономиясы.

Интерактивдүү окутуунун салттуу окутуудан кескин түрдө айырмачылыктары.

**Тема. Тарыхты окутуу сабагында педагогикалык технологияларды колдонуу.**

«Педагогикалык технология» түшүнүгү жана технологияларды жараткан окумуштуу-методисттер.

Педагогикалык технологияларды иштеп чыгууда аудио-видео каражаттарынын мааниси.

Педагогикалык технологиялардын мазмуну. «Мээ чабуулу», «Ой чабуулу», «Бинардык сабак», «Доскада турган окуучуларга суроолорду оттой жаадыруу» технологияларын колдонуу. Аталган технологияларынын жардамы менен сабактын иштелмеси.

**Тема. Тарых окутуу сабагында оюн элементтерин колдонуу.**

Тарыхый оюндар жөнүндө түшүнүк. Иштиктүү оюндарды моделдештирүү. Ретроспективдик оюндарда кырдаалды ачып көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү. Ролдук оюндарда тарыхый окуянын катышуучусунун жөндөмдөрүнө коюлган талаптар.

Театралдаштырылган элестетүүлөрдүн сценадагы кыймыл аракеттеринин мааниси.

Маршруттук оюндардын өзгөчөлүктөрү.

**Тема. Тарыхты окутуу сабагында дискуссияларды уюштуруу.**

Тарых сабагындагы дискуссиялык кырдаалдарды түзүү. Структуралык же регламенттүү дискуссия. Оюнду моделдештирүүчү дискуссия. Долбоордук дискуссиянын түзүлүшү. “Дебат” моделдештирилген дискуссия катары. Дискуссиянын катышуучусунун эсине берилген көрсөтмө. Дискуссия өткөрүү эрежеси. Талаш кырдаалды талдоочунун эсине.

**Тема. Тарыхты окутуу сабагында ролдук театралдаштырылган оюндарды уюштуруу.**

Ролдук театралдаштырылган оюндарды уюштуруу технологиясынын темасын, максатын аныктоо. Алдынала берилүүчү тапшырмалар. Сабактын жүрүшүндө берилүүчү таанып билүүчү тапшырмалар. Сабактын жүрүшү. Киришүү бөлүгү. Темалардын өзгөчөлүктөрүнө карата окуучуларга берилүүчү тапшырмалар. Биринчи, экинчи, үчүнчү тапшырма. Таблица, схемаларды түзүү мүмкүнчүлүгү. Сабактын корутунду бөлүгү. Үйгө тапшырма.

**Тема. Тарыхты үйрөнүүдөгү теманын мазмуну боюнча долбоорлор.**

Долбоор иштери жөнүндө түшүнүк. Долбоор түзүүнүн структурасы. Долбоорлорду аткаруу боюнча тапшырмалар, көнүгүүлөр. Долбоор иштеринин мазмуну. Тарыхый темалар боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу. Долбоор иштеп чыгуунун принциптери жана мааниси.

**Тема. Тарых сабактарында окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн түрлөрү жана формалары.**

Окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн текшерүү ишмердигинин методикалык аныктамасы. Текшерүүнүн тариздери: жеке, фронталдык, топтордо.

Текшерүүнүн түрлөрү: Оозеки. Жазуу. Практикалык.

Текшерүүнүн ыкмалары: Оозеки ( тема боюнча аңгемелешүү, доскада айтып берүү, чынжырча жооп берүү, оозеки тестирлөө). Жазуу ( План, таблица түзүү, дил баян, жазуу контролдук иштер). Практикалык (Сүрөт, иллюстрация боюнча жооп берүү, фильмдин кадрын талкуулоо, музей экспонаттарын сүрөттөө).

Тематикалык мааниге ээ болгон мазмунду текшерүү. Өздөштүрүүгө татаал болгон мазмунду текшерүүдө негизги суроого байланыштуу ички кошумча суроолордун берилиши.

Текшерүүгө коюлган методикалык талаптар. Мугалимдин теманы өздөштүрүү мезгилинде класска кайрылуу ыкмалары. Кайсы теманы окуп үйрөнүп жатабыз. Материалдын мазмунундагы башкы маселе. Мугалимдин суроо берүүгө өтүшү. Суроо берүүнүн эсепке алуу ондоо, түзөтүү максаты. Бышыктоо, таанып билүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү.

**Тема. Тарыхты окутууда сабактарда окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн түрлөрү жана формалары.**

Жооптордун сапатынын мугалим койгон талаптардан көз карандылыгы. Кыска, так, логикалык туура түзүлгөн суроолор. Дептерге кылдатттык менен катасыз жазылган маалыматтар. Оозеки жооп берүүдө окуу китебинин сүрөттөрүнө жана документтерге таянуу.

Суроо-жоопторду түзүүдө жазуу жана жазуу-графикалык тапшырмаларды колдонуу. Маанилүү даталардын календарын түзүү. Параграфтын текстине суроолорду ойлоп табуу. Теминдерди бөлүп чыгып, маанисин айтуу. Түшүнүктөрдү бөлүп алып, аныктамасын жазуу. План түзүү, тарыхый инсандын портретин мүнөздөө. Улантуучу аңгеме уюштуруу жана өткөрүү. Объекти картадан көрсөтүү. Көрсөтүлгөн объектини атоо.

**Тема. Тарых сабактарда окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн функциялары.**

Текшерүүнүн функциялары: стимулдаштыруу, диагностикалык, контролдук, өнүктүрүүчүлүк. Текшерүүнүн натыйжалуулугуна жетишүүдөгү негизги шарттар.

**Тема. Тарых сабактарда окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн функциялары.**

Окуучулардын билимин текшерүүнүн функциялары. Көзөмөлдөөчү эсепке алуучу функция. Окутуучу функция. Окутуу процессинин жыйынтыкка ээ болушу. Тарыхты жана социалдык-экономикалык билимдерди окутуу жараянына коюлган өбөлгөлөр.

**Тема. Тарых билимдерди өздөштүрүүгө коюлган усулдук талаптар.**

Окуу ишмердүүлүгүндөгү ыктар жана жөндөмдөр: кайра жаратуучу ишмердик. Жаңы материалдын мазмунун кайра түзүүчү ишмердик. Ишмердиктин жаңы жөндөмдөрү: чыгармачыл ишмердик.

**Тема. Тарыхый билимдер боюнча билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн үч деңгээли.**

Таанып билүү жана өздөштүрүүнүн үч деңгээли. Билимдин мазмунун өздөштүрүүчү деңгээлдери: билимдерди тааныш кырдаалда колдоно билүү деңгээли. Билимдерди өзгөртүлгөн жаңы кырдаалда колдоно билүү, изденүүчү, изилдөө деңгээлдери.

**Тема. Тарыхый билимдерди өздөштүрүүдө Б.Блумдун таксономиясы.**

Б.Блумдун таксономиясы боюнча ойлонуу деңгээлдери боюнча суроолор жана тапшырмалар.

Билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, жалпылоо, баалоо деңгээлдери боюнча суроолор жана тапшырмалар.

**Тема. Педагогикалык практика –студенттин алгачкы тажрыйбасы.**

Педагогикалык практиканын максаты жана милдеттери. Практиканын мазмуну. Уюштуруу иштери, тарбия жана окуу иштеринин мазмуну.

Педагогикалык практиканын студенттин мектептеги алгачкы тажрыйбасы катары мааниси. Профилдик-базалык практика-максаттары-милдеттери, мазмуну.

Профилдик базалык практика. Практиканын максаты, милдеттери, мазмуну жана принциптери. Педагогикалык практикада атайын компетенттүүлүктөрдүн калыптанышы.

## 5-СЕМЕСТР

**Тема: Билим берүү процесинин уюштурууга коюлуучу талаптар.**

Билим берүү процесинин материалдык камсыз болушуна талаптар. Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги бекиткен окуу адабиятынын төмөнкү типтерин өзүнө камтыган окуу-методикалык комплекстерин иштеп чыгуу, анын компоненттери - билим берүү стандарты, окуу программасы, окуу китеби (окуу колдонмосу), хрестоматия, окуу үчүн китеп,окуучулардын өз алдынча ишмердигин уюштуруу үчүн окуу-методикалык колдонмо, сөздүктөр, маалымдамадар, дидактикалык материалдар, мугалимдер үчүн окуу-методикалык колдонмолор, диагностикалык материалдар, картографиялык материалдар (тарыхый дубал карталары, атластар, контурдук карталар), **окутуунун электрондук каражаттары,** аудиовизуалдык каражаттар.**Түрткү болуучу окутуу чөйрөсүн түзүү:** тарых боюнча мектептик программанын олуттуу кайра куруруга учурап жаткандыгына байланыштуу, аларды жүзөгө ашырууга жөндөмдүү мугалимдерди даярдоо жана кайра даярдоо, окуучуларда индивидуалдуу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну, окутуунун ишмердик мүнөзүн камсыз кылган сабактарды уюштуруу формаларын жана методдорун өзгөртүү, окутуунун технологиялык ыкмасын тандоодо окуу процессин баштапкы берилген негиздерден (социалдык заказ, билим берүүчү багыттар, окутуунун максаты жана мазмуну) чыгып конструкциялоо, активдүү окутуу/үйрөтүү технологиялары интерактивдүү ыкмаларды колдонуу, билимдерди өздөштөрүү жалаң жаттоо менен байланышпай, маалыматтын үстүндө терең ой-жүгүртүп, изденип, аны практикада колдоно билүүгө мүмкүнчүлүк түзүү ж. б.

**Тема:Тарых окуу китеби жана анын структуралык компоненттери.**

Тарых окуу китебинин функциялары: маалыматтык,трансформациялык, системалаштыруучу, мотивациялоочу, өнүктүрүүчү, интеграциялоочу, координациялоочу, тарбиялоочу. Окуу китебин анализдөөдөгү аспектилер: китептин структурасы, тексти, текстен тышкаркы компоненттер, кабылдоону уюштуруучу аппарат, окуу комплексиндеги окуу китебинин орду. Окуу китебинин структурасы: бөлүктөр, параграф, текст ( негизги, кошумча) ж. б. Тарых предмети боюнча окуу китептеринин бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бериши. Жаңы окуу китептериндеги жаңы инновациялык методология, категориялар жана мамилелер. Тарых предмети боюнча окуу китептеринин кемчиликтери. Окуу китеби жана тарыхты окутуунун максаттары.

**Тема:Тарых сабагындагы окуу китеби менен иштөөнүн системасы.**

Тарых сабагындагы окуу китеби менен иштөөнүн ыкмалары:

окуу китеби менен иштөө боюнча алгачкы билгичтиктер; окуу китеби менен иштөөнүн көптүк түрү; рубрикация менен иштөөнүн ыкмалары; план түзүү ыкмалары; иллюстрация, документтер менен иштөө ыкмалары; параграфтын аягындагы суроолор жана тапшырмалар менен иштөөнүн ыкмалары. Окуу китеби боюнча тапшырмаларды берүү жана аны татаалдантуу, китептеги түшүнүксүз жерлер жана терминдерди бөлүп көрсөтүүнү окуучуларга үйрөтүү, словарь жана справочниктер менен иштөөгө үйрөтүү, окуу китеби менен иштөө боюнча эстеткичтерди түзүү. Окуу китеби менен өз алдынча иштөөгө үйрөтүү. Окуу китебиндеги карталар менен иштөө. Окуу китеби менен иштөөдөгү оюн учурларды түзүү. Жогорку класстарда бир нече темалар боюнча план-конспект түзүү, мурунку жылдардагы эски китептерди колдонуп реферат жазуу, китептеги булактар менен иштөө, кошумча адабияттар мене иштөө.

**Тема:Окуу тарых материалынын мазмунунун структуралык функционалдык анализи.**

Мектеп билиминин практикасында тарыхый окуу материалын тандоодогу методикалык жолдор.Сабакка даярданууда тарых мугалими эки негизги методикалык маселени чечиши: окуу тарыхый материалынын мазмунун тандоо максатында логикалык жол

менен иштеп чыгуусу жана тандалган материалдын агартуучу, тарбиялоочу жана өнүктүрүүчү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоосу. Тарыхый материалдын функционалдык анализи. анын мааниси жана жолу. Структуралык анализдин максаттары, анын аткакрылышынын багыттары. Конаржевский тарабынан иштелип чыккан сабактын структуралык анализи.

**Тема:Тарых сабагындагы гуманитардык циклдагы предметтердин интеграциясы.**

Интеграция, интеграцияланган сабактар түшүнүгү. Интеграцияланган сабактардын артыкчылыктары. Интеграцияланган сабактар кайсы учурларда өткөрүлүшү мүмкүн.

Интеграцияланган сабактагы эки же бир нече мугалимдин иштешүүсүнүн технологиясы, алардын иш аракеттеринин жолдору, ИС узактыгы. ИСдагы педагогикалык компоененттер. ИСка мугалимдин даярдануудагы мугалим аныктоочу иш аракеттер: ИС өткөрүүгө түрткү берген мотивдер, сабактын максаттарын аныктоо жана окуу темасын, кээ бир темалардын керектүү бөлүктөрүн тандоо жана мугалимдердин биримдикке келиши. Тандалган материалды анализдөө, аны негизги жана кошумчага бөлүү.

Негизги материал – сабакты системалаштыруучу компоненти катарында.

Сабактын максатына жана системалаштыруучу компоненти жараша интеграциялоонун формасын тандоо. Интеграциянын түрлөрү.

Интеграциялоочу блоктордун байланыштарынын түрлөрү жана аларды түзүү жолдору. Байланыштардын типтерин билүүнүн мааниси. Интеграция жүргүзүүнүн процедурасынын предмет ичиндеги, предметтер аралык, циклдар аралык байланыштар аркылуу жүргүзүү, ошону менен бирге интеграцияланган сабактар жана предмет ичиндеги, предметтер аралык, циклдар аралык байланыштардын айрымачылыгын билүүнүн зарылчылыгы. Интеграцияланган сабактын структурасынын көп варианттуулугу.

**Тема:Тарых сабагын окутууда окуучулардын өз алдынча иштөөсү.**

Заманбап билим берүүгө компетенттүүлүк мамиле кылуу идеялары менен окуучулардын өз алдынча иштөөсүнүн байланышы. ББМСтандартында окуучулардын өз алдынча иштерине берилген орду. «Өз алдынчылык», «окуучунун өз алдынча иши» түшүнүктөрү. Өз алдынча иштөө билгичтиктери. Окуучулардын өз алдынча иштөөсүнүн түрлөрү жана типтери: 1) а) окуу китеби менен иштөө б) оозеки тилди өнүктүрүү менен байланыштуу тапшырмалар); в) анализдөөгө, салыштырууга, жыйынтык чыгарууга, мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого багытталган билгичтиктерди өнүктүрүүчү тапшырмалар;2) Документтер менен иштөөнүн төрлөрү;3) карта менен иштөөнүн түрлөрү;
4) Иллюстрациялар менен иштөөнүн; 5)статистикалык маалыматтар менен өз алдынча иштөөнүн түрлөрү; 6)кошумча адабияттар менен иштөөнүн түрлөрү; 7) өз алдынча иштердин башка түрлөрү.

Окуучулардын өз алдынча иштөөсүнүн этаптары, аны уюштурууга керектүү шарттар. Окуучулардын өз алдынча иштерин жыйынтыктоо. Окуучулардын класстан тышкаркы өз алдынча иштери, аны уюштуруу, күтүлүүчү натыйжалар.

**Тема:Тарыхты окутуу процессиндеги үй тапшырмасынын ролу.**

Мектептеги тарыхты окутуу процессиндеги үй тапшырмасынын ролу жана функциялары. Үй тапшырмасынын мазмуну. Жалпы жана индивидуалдуу үй тапшырмалары. Мектептеги берилүүчү үй тапшырмаларынын кемчиликтери. Үй таршырмаларын түзүү системасынын принциптери, аны мүнөздөөчү белгилери. Үй тапшырмаларды берүүдөгү нормалар жана гигиеналык талаптар. Заманбап педагогикалык жана санитардык-гигиеналык талаптар боюнча 5-11 - класстарда берилүүчү үй тапшырмалары. Окуучулардын үй тапшырмасын уюштурууга коюлган талаптар. Окуучулардын үй тапшырмасын аткаруудагы эрежелер. Үй тапшырмасын контролдоо жана анын ыкмалары, түрлөрү.

**Тема:Мектептеги тарых кабинети.**

Окуу кабинети түшүнүгү. Мектептеги тарых кабинетинин окуучуларга билим берүүдө, тарбиялоодо жана өнүктүрүүдөгү ролу. Окуу кабинетине коюлган жалпы талаптар.

Кабинеттин иштешинин негизги багыттары: Кабинет ММБС талаптарын аткаруунун каражаттарынын бири катарында, окуучуну өнүктүрүү каржаты катарында, окуучулардын ден-соолугун сактоо ишмердүүлүгүн жүргүзүү каражаты катарында.

Кабинеттин окуу-методикалык жабдылышына коюлган талаптар. Тарых кабинетинин жабдылышы, анын негизги компоненттери, кабинеттеги окуу-методикалык адабияттардын фонду, аны сактоонун жана колдонуунун принциптер. Кабинет базасында окуучуларга билим берүү программаларын ийгиликтүү аткарууга шарттарды түзүү. Тарых кабинетиндеги окуучулар үчүн эстеткичтер. Тарых кабинетинин паспорту.

**Тема:Тарых мугалими.**

Тарых мугалим - өсүп келе жаткан муунду окутууда жана тарбиялоодо негизги фигура.Тарых мугалиминин инсандык сапаттары жана адистик-педагогикалык компетенттүүлүгү. Тарых мугалиминин адистик ишмердүүлүгүнүн структурасы жана мазмуну. Тарых мугалиминин милдеттери. Мугалимдин сабакка даярдануу технологиясы.

Тарбиячы, класс жетекчи, класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу катары тарых мугалимине керектүү билгичтиктер жана жөндөмдөр ( уюштуруучулук, контсруктивдик, чыгармачыл, прикладной). Тарых мугалиминин педагогикалык жүрүм-туруму жана тарых предметин окутуучу катары сапаттары.

**Тема:Тарых сабактарындагы маалыматтык технологияларды колдонуу. Тарыхты окутууда компьютердик технологияны колдонуу.**

Келечектеги мектептерге коюлган талаптар. «Маалыматтык компьютердик технологиялар» түшүнүгү. Билим берүү жана тарбиялоо процессиндеги маалыматтык компьютердик технологиялардын ролу, максаты. Маалыматтык технологияларды колдонуунун оң жана терс жактары. Тарыхты окутуудагы компьютердин мүмкүнчүлүктөрү: коомдук –экономикалык процесстердин моделин түзүү, тарыхый маалыматка динамикалык анализ жүргүзүү ж. б.

Жалпы билим берүү процессинде, анын ичинде тарыхты окутууда мультмедиялык продукцияларды колдонуу, глобалдык компьютердик мейкиндикти (Internet) колдонуп маалымат табуу. Окутуунун традициялык жана инновациялык ыкмаларын глобалдык компьютердик мейкиндик жана телекоммуникация айкалыштырып өнүктүрүүчү билим берүүнүн принциптерин ишке ашыруу. Билим берүү процессиндеги компьютердик программаларды колдонуу, алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши. Проблемалык окутуунун принциптерин ишке ашыруучу окуу программаларын колдонуу. Окутууга багытталган оюн программалары.

Билим берүү тармагындагы дидактиканын принциптерин ишке ашырууда КТ окутууга кээ бир жаңы мыйзам ченемдүүлүктөрдү киргизет жана алар ...

Жеке персоналдык компьютерди тарых сабагында колдонуудагы оң жана натыйжалары жана кемчиликтери: … Тарых жана коом таануу сабактарында колдонулуучу программалар. Видео- булактар- материалдардын окутуудагы ролу, аларды колдонуунун жолдору, киносабак өткөрүү, ага даярдануу. Жалпы багыттагы программалар: Microsoft Word, Microsoft Excel, Microsoft PowerPoint, Microsoft FrontPage, Microsoft Publisher, Adobe Photoshop, тарых мугалиминин аларды колдонушу. Компьютердик энциклопедиялар. Тарых сабактарындагы интернет-ресурстарды колдонуу.

**Тема:Дидактикалык бирдиктерди ирилештирүү технологиясы. Модулдук-блоктук пландаштыруу.**

Тарых сабактарындагы модулдук технологияны колдонуу мүмкүнчүлүктөрү**.** Модулдук окутуунун окутуунун башка түрлөрүнөн айрымачылыгы. МО негизги элементи

«модул», «окуу модулу» түшүнүктөрү. МО артыкчылыгы, кемчиликтери жана чектелиши. Модулдуулуктун принциптери.

Модулдук технология боюнча окутуунун мазмуну өз алдынча толукталган комплекстерде ( маалыматтык блоктордо) камтылган жана коюлган агартуучу, тарбиялоочу, өнүктүрүүчү максаттарга жараша түзүлөт. Окутуунун модулдук конструкциясынын негизги өзгөчөлүгү: комплекстүү дидактикалык максат коюлат, модул түзүлөт, комплекстүү дидактикалык максаттын негизинде интеграциялоочу дидактикалык максаттар түзүлөт, б. а. модулдук программа – максаттардын иерархиясынын негизинде түзүлөт. Модулдук окутуунун негизинде түзүлгөн сабактын мисалы.

**Тема:Окуу материалынын схемалык жана белгилик моделдеринин негизинде окутууну интенсивдештирүү же күчөтүү (В.Ф.Шаталов).**

Донецкилик новатор мугалим В.Ф. Шаталов тарабынан сунушу кылынган окуу материалынын кыскача жазып үйрөнүүнүн үч түрү: таяныч схемалар, таяныч конспектилер жана таяныч сигналдар. *Таяныч схемалар* – окуу материалдарынын окуучуларга өз алдынча ой жүргүзүүсүнө жардам берүүчү форма. *Таяныч схемалар* –таблица, карточка, чийме, сүрөт, набордуу полотно. *Таяныч конспектилер* – окуучулардын окуу материалдарын эстеп калуусуна жардам берүү үчүн пайдаланылат. Бул эки жол менен ишке ашырылат. Биринчи жол – сөз жүзүндөгү тексте жалаң башкы сөздөр же сүрөттөр гана калтырылат да башкаларынын бардыгы алынып салынат.Экинчи жол – маалыматтар ачык образдын жардамы менен шифрленет. *Таяныч сигналдар* – окуу материалдарын окуучунун эстеп калуусуна жардам берүү үчүн пайдалануу. Таяныч схемаларда жана сигналдарда жакшы түшүнүп кабылдаган информацияларды жазуунун эки формасы.

**Тема:Мектептеги тарыхты окутуудагы метапредметтик мамиле.**

«Метапредметтүүлүк», «метабилим» түшүнүктөрү. Окуу метапредмети- мазмунуга интеграциянын натыйжасында түзүлүүчү жаңы типтеги предмет. Метапредметтик сабакты проектилөө фундаменталдык жана дүйнөгө болгон көз караштар боюнча түшүнүктөрдү камтыйт. Фундаменталдык түшүнүктөргө мейкиндик жана мезгил; бирдик жана көптүк; тартип жана тхаос; себеп жана натыйжа; сүрөт жана символ; өнүгүү жана начарлоо; илим жана ырым-жырым, жок нерсеге ишенүү ж. б.

Дүйнөгө болгон көз караштар боюнча түшүнүктөр: жөнөкөй жана татаал; башы жана аягы; акыл жана сезим; тынчтыктык жана кыймыл; жакшы жана жаман; тажрыйба жана интуиций ж б.

Окуучулардын өз алдынча, чыгармачыл оюн өнүктүрүүдө, ош. эле алардын жашоо-турмуштагы позициясынын активдүүлүгүн калыптандырууга багытталган педагогикалык максаттарды чечүүдө окутуунун активдүү формаларын жана ыкмаларын колдонууда мындай категориялардын жуптугун колдонуу жөнөкөй жана ыңгайлуу.

Метапредметтик сабактын формалары: проблемалык лекция, дискуссия, семинар, ишкер жана ролдук оюндар, проектини иштеп чыгуу жана аны коргоо, интеграцияланган сабактар.

Метапредметтик сабактын максаты- өнүктүрүүчү жана тарбиялоочу. Кийинкидей формулировка менен юерилсе болот: « … баалуулук мамиленикалыптандыруу…», «тигил же бул маселе боюнча окуучунун жеке позициясын калыптандырууга шарт түзүү».

Традициялык сабактын жана метапредметтик сабактын максаттарынын айрымачылыктары.

Метапредметтик сабакты өтүүдө предметтер аралык интеграциянын керектүүлүгү, илимден тышкаркы областтарга кайрылуу. «Эмнеге окутабыз?» суроого жооп берүү жана окуучулардын билимин актуалдаштыруу.

Метапредметтик сабакты иштеп чыгуу үчүн сунуштар. Метапредметтик интеграция жана компетенттүүлүктөр сабагын анализдөөнүн схемасы.

**-Тема:Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо.**

***Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары.***

Билим берүүнүн сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик-укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баа берүүнүн диагностук, форматтык жана жыйынтык сыяктуу үч түрү колдонулат.

Диагностук баа берүү окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат – окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт.

Форматтык баа берүү материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат.

Жыйынтык баа берүү окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

Жекече аткарылган милдеттерге учурдагы баа берүү ченемдерине (туура чечимдердин саны, жол берилген каталыктардын саны, тариздөө эрежелерин жолдоо ж.б.) жана мугалими жана/же окуучунун өзү берген айрым иштерди аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт.

Орто аралык баа берүү предметтик стандартта аныкталган иштин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт: жазуу жүзүндөгү иштер/булактары менен иштер; оозеки жооп/бет ачар; долбоор, изилдөө иштери, иштин өзгөчөлүү түрлөрү; портфолио (жетишкендиктердин папкасы) ж.б.

Жыйынтык баа берүү мектептин календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана колдонуудагы ченемдерге жана баа берүүнүн иштеп чыккан критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө аткарылат.

Баа берүү максаттарына жетишүү үчүн негизги жана жогорку мектептин мугалиминин милдеттери.

Натыйжалуу окутууга багытталган баалоо системасы түзүүчү мүмкүнчүлүктөр. Баалоонун этаптарды. Окуучулардын билимин текшерүүнүн формалары жана методдору

## 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1.Предметти маалыматтык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу: материалдар базасы, маалыматтык жана издеп табылган системалар

III.2. Предметти маалыматтык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу: материалдар базасы, маалыматтык жана издеп табылган системалар.
http://diplomart.ru/subjects/lit-0210.html
http://otvet.mail.ru/question/29521424
http://www.proza.ru/2010/04/09/99
http://www.myshared.ru/slide/460663/
http://znanija.com/task/1874474
http://history-facts.ru/?p=894
http://otherreferats.allbest.ru/economy/00192107_0.html.

### а) негизги адабияттар

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү тууралуу мыйзамы”. – Бишкек, 2003.
Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын тарбиялоо Концепциясы. –Бишкек, 2002.
“Мугалимдин статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун биринчи окууда кабыл алуу тууралуу: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынынын токтому.–1998.-5-июнь.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн Мамлекеттик стандарттары.-Бишкек, 2006.
Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн тарых сабагынын программасы (5-1-класстар). – Бишкек, 2008.
Абдырахманов Т.А. Кыргызстандын жана дүйнөнүн билим берүү системалары XXI кылымда: реформалар, тенденциялар, проблемалар. –Бишкек-2013.-318 б.
Жыргалбекова Г.К. Мектепте тарыхты окутуунун методикасы. – Бишкек, – 2014.-186 б
Курманиев К.А.Тарыхты окутуунун методикасы. Б., 2018.

**б) кошумча адабияттар:**

Бактыгулов Дж.С., Чокушов Б.И. История Республики Кыргызстан. Учебное пособие.-часть 2. – Бишкек, 1994.
Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2004.
Бекбоев И.Б. Мугалимдердин педагогикалык устаттыгын жогорулатуу. // Кн.:Национальная программа “Билим”: Состояние и перспектива образования в Кыргызской республике (материалы республиканского совещания работников образования, 31-мая 1996 г.) –Бишкек, 1996.
Вагин А.А. Сперанская Н.В. Основные вопросы методики преподавания истории старших классах: Пособие для учителя. –М.,1989.
Годер Г.И. Задания и задачи по истории древнего мира. –М.,1996.
Гончарова Т.И. Исторические вечера в школе. –М.,1992.
Гора П.В. Методические приемы и средства наглядного обучения истории в средней школе.-М,.1981.
Дайри Н.Г. Как подготовить урок истории. – М.,1989.
Жыргалбеков Т. Профессор, журналист Турду Жыргалбеков жөнүндө. – Бишкек, 2008.
Дайри Н.Г., Кинкулькин А.Т., Колосков А.Г. Орто мектепте тарыхты окутуунун методикасы. –Фрунзе, 1983.
Курбанова Н.У., Абдыкеримова М.А.-Педагогикадан мамлекетик экзамен тапшырабыз– Бишкек, 2010.
Маанаев Э.Ж. Тарыхый терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Бишкек, 2005.
Маанаев Э.Ж., Каратаев О.К. Кыргыз элинин этникалык өнүгүүсү. –Бишкек, 2003.
Маанаев Э.Ж. Адистерди даярдоодо коомдук илимдердин ролу жана аларга бүгүнкү күндөгү коюлган талаптар КМПИнин 40 жылдык юбилейине арналган илимий конференция. – Бишкек, 1992.
Самиева Ж.Д. Подготовка учительских кадров В кн.: Интеллигенция Кыргызстана во второй половине XX века. –Бишкек, 2008.

### 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтышат. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

Аргументтүү эссе – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор кайсы бир жобону далилдейт.

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз, токтобой жазуу, талкуулоо. Белгилүү бир убакыттын ичинде сөздөрдү, фразаларды, өзүнчө сүйлөмдөрдү үзгүлтүксүз жазуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү. Белгилүү бир стилде чыгарма жазууга үйрөтүү болжонот.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Түрдүү булактар боюнча баяндама – изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б.) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма. Темага карата жекече мамиле ачылат.

## 7.ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

### 7.1.Долбоорлордун болжолдуу темалары (рефераттар)

1. Россияда жана Кыргызстанда тарыхый методикалык ой-пикирлердин өнүгүшү.
2. Совет доорундагы мектепте тарыхый билим берүүнүн өнүгүшү.
3. Тарыхый билим берүүнүн азыркы мезгилдеги проблемалары жана өнүгүү тенденциялары.
4. Мектепте социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун максаты.
5. Мектепте тарыхый билим берүүнүн мазмуну.

6. Окуу китеби билим алуунун булагы жана окутуунун каражаты.
7. Окутуунун усулдары (методдору) жана методикалык ыкмалары.
8. Тарыхый билимдин мазмунунун түзүлүшү.
9. Фактылык материалды окуп үйрөнүү ыкмалары жана каражаттары.
10. Теориялык материалды окуп үйрөнүү ыкмалары жана каражаттары.
11. Социалдык-экономикалык билимдерди окутуунун көрсөтмөлүүлүк каражаттары.
12. Тарых сабагындагы картографиялык көрсөтмөлүүлүктөр.
13. Хронологияны окуп үйрөнүү жөндөмдөрү.
14. Тарых сабагында жазуу булактарын окуп үйрөнүү.
15. СОциалдык-экономикалык билимдерди окуп үйрөнүүдө тарыхый документтер менен иштөө.
16. Тарых сабагында көркөм адабияттарды пайдалануу.
17. Сабак окуу процессинин негизги элементи катары.
18. Кайталоо-жыйынтыктоо сабагын өткөрүүнүн методикасы.
19. Социалдык-экономикалык билимдер боюнча сабактарга мугалимдин даярдыгы.
20. Аралаш сабактын план-конспектисин иштеп чыгуу.
21. Социалдык-экономикалык билимдерди өздөштүрүүнүн деңгээлине коюлган талаптар.
22. Тарых жана интегративдик курстар боюнча сабактарда колдонулуучу окутуунун технологиялары.
23. Окутуунун жыйынтыгын текшерүүнүн жана баалоонун формалары.
24. Тарых сабагында түшүнүксүз терминдер менен иштөө.
25. Тарых боюнча класстан тышкаркы иштердин өзгөчөлүктөрү.
26. Кыргызстан тарыхы боюнча долбоор иштеп чыгуу.
27. Байыркы дүйнөнүн тарыхы боюнча долбоор иштеп чыгуу.
28. Орто кылымдардын тарыхы боюнча долбоор иштеп чыгуу.
29. Жаңы тарых боюнча долбоор иштеп чыгуу.
30. Соңку тарых боюнча долбоор иштеп чыгуу.
31. Тарых сабагында диспут, дискуссия, оюн учурларын өткөрүүнүн ыкмалары.
32. Кыргызстан тарыхынын актуалдуу маселелери Э.Ж.Маанаевдин эмгектеринде.
33. Кыргызстан тарыхынын актуалдуу маселелери А. Хасановдун эмгектеринде.
34. Тарых сабагында окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруунун ыкмалары.
35. Социалдык-экономикалык билимдерди окутуудагы предмет аралык байланыштар.
36. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый романдарды окуп үйрөнүү ыкмалары: (Т.Касымбеков «Сынган кылыч», «Келкел».
37. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары: (Аман Газиев тарыхый повесть «Пулат-хан».
38. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары (Аман Газиева «Курманджан датка, некоронованная царица Алая»).
39. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары: (Токтоналиев Ж. «Хан Ормон»).
40. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары: (Осмоналиев К. «Көчмөндөр кагылышы, Ыйык жер».)
41. Шаарлардын тарыхын окуп үйрөнүү (Галицкий В.Я. «История города Пишпека». (1878-1917), Галицкий В., Плоских В.М. «Старинный Ош».
42. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый романдарды окуп үйрөнүү ыкмалары. (Т.Сыдыкбеков –Көк Асаба).
43. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары: (Керээз Зарлыкова “Ксения”).
44. Социалдык-экономикалык билимдерди окутууга цивилизациялык мамилелердин калыптанышы.
45. Мектепте Батыш цивилизацияларынын окуп үйрөнүү.

46. Мектепте Байыркы мезгилдеги Чыгыш цивилизацияларынын баалуулуктарын окуп үйрөнүү.
47. Россия орто кылымдагы цивилизациялык өнүгүү мейкиндигинин өзгөчөлүктөрү.
48. Жаңы доордун цивилизациясын окуп үйрөнүүдөгү баалуулуктар.
49. Индустриалдык коомдун цивилизациясын окуп үйрөнүү.
50. Индустриалдык коомдун чыгыштын цивилизациясына тийгизген таасири.

**7.2. Модулдун болжолдуу суроолору.**

1.Тарыхый билимдерди окутуунун методикасынын предмети, маселелери.
2. Тарыхый билимдердин окутуунун калыптануусундагы негизги этаптары.
3. КР. XX к. 90-ж. мектепте Тарых боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары.
4. Тарых предметтери боюнча окуу комплекстери.
5. КР. Мектептеринде тарыхый билимдерди окутуунун концепциясы, мазмуну жана принциптери.
6.Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый түшүнүктөр жана терминдердин орду.
7.Тарыхый билимдерин материалынын мазмунундагы хронологиялык билимдерди окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары.
8.Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары.
9.Тарыхый билимдердин мазмунундагы фактылык материалдын өзгөчөлүктөрү.
10.Тарыхый билимдердин мазмунундагы теориялык материалдын өзгөчөлүктөрү
11.Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө окуучулардын таанып –билүү мүмкүнчүлүгү жана окутууга болгон кызыгуусун өнүктүрүү.
12. Тарыхый билимдерди окуп үйрөнүүдө билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн калыптанышы.
13. Картографиялык каражаттар менен иштөөдөгү негизги билгичтиктер.
14. Жазуу булактары менен иштөө билгичтиктери жана көндүмдөрү
15. Предмет аралык байланыштарды колдонуу билгичтиктери, көндүмдөрү.
16. Жазуу – графикалык каражаттар менен иштөө билгичтиктери, көндүмдөрү.

**3-семестр**

1. Тарыхый билимдин мазмунунун түзүлүшү.
2. Мектепте тарых сабактарын окутуунун усулдары жана ыкмалары.
3. Окуу материалынын фактылык мазмунун окуп үйрөнүү ыкмалары жана жөндөмдөрү
4. Тарыхый билимдердин мазмунундагы теориялык материалды окуп үйрөнүү усулдары жана ыкмалары.
5.Тарыхты жана коомдук билимдердин материалынын мазмунундагы хронологиялык билимдерди окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары.
6. Картографиялык каражаттар менен иштөө усулдары жана каражаттары.
7. Тарыхый билимдердин материалынын мазмунундагы тарыхый инсандарды окуп үйрөнүү усулдары жана каражаттары.
8. Сабак – тарыхый билимдерди окутуунун негизги элементи катары. Тарых сабагынын план- конспектиси .
9. Тарыхый билимдерди окутуу сабагынын функциялары жана этаптары.
10. Тарыхый билимдерди окутуу сабагына талдоо жүргүзүүгө коюлган усулдук талаптар.
11. Тарыхый билимдер боюнча сабактан тышкаркы иштерге коюлган усулдук талаптар.
12. Көнүктүрүү –педагогикалык практикасы “Мектеп күнү” максаты, милдеттери жана мазмуну.
13. Мамлекеттик билим берүү стандарты жөнүндө түшүнүк. Кыргыз Республикасынын малекеттик билим берүү стандарты.

14. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин актуалдуулугу. Билим берүү тармагындагы «компетенциялар» жана «компетентүүлүктөр»
15.Тарых предмети боюнча негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) билим берүү стандарты
16. Тарых курсу боюнча өзөктүк тематикалык сызыктар
17. Тарых сабагы боюнча предметтик компетенттүүлүктөр
18. Тарых сабагы боюнча 5 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар
19.Тарых сабагы боюнча 6 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар
20.. Тарых сабагы боюнча 7 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар
22. Тарых сабагы боюнча 8 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар
23. Тарых сабагы боюнча 9 –класста калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр жана күтүлүүчү натыйжалар
24. Негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы профилдик тарых курстары боюнча мектеп окуу программалары
25. Жалпы орто билим берүү мектептеринин окуу планы, түрлөрү, мазмуну.
26.Негизги (тогуз жылдык) жана орто (толук) жалпы профилдик тарых курстары боюнча мектеп окуу программалары.

**4-семестр**

1.Интерактивдүү сабактардын методикалык өзгөчөлүктөрү.
2.Тарых сабагында колдонулуучу педагогикалык технологиялар.
3.Тарых сабагында интерактивдүү методдорду колдонуу
**4.** Тарыхый билимдерди окутуу сабагында дискуссияларды уюштуруу.
**5.** Тарыхый билимдерди окутуу сабагында театралдаштырылган инсценировкаларды уюштуруу.
**6.** Тарыхты окуп үйрөнүүдөгү теманын мазмуну боюнча долбоорлор.
**7.** Тарых сабактарында окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн түрлөрү жана формалары.
8. Тарых сабагында окуучулардын билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн текшерүүнүн функциялары.
9. Тарыхый билимдерди өздөштүрүүгө коюлган усулдук талаптар.
10. Тарыхый билимдер боюнча билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн үч деңгээли.
11. Б.Блумдун 6 деңгээлден турган таксономиясын тарых сабагында колдонуу
12.Тарых сабагын өздөштүрүүгө коюлган усулдук талаптар.
13.. Педагогикалык практика –студенттин алгачкы тажрыйбасы.

**5-семестр**
**1.** Билим берүү процесинин уюштурууга коюлуучу талаптар.
2.Тарых сабагындагы окуу китеби менен иштөөнүн системасы
**3.** Тарых окуу китеби жана анын структуралык компоненттери.**4.**
**5.** Окуу тарых материалынын мазмунунун структуралык функционалдык анализи.
**6.** Тарых сабагындагы гуманитардык циклдагы предметтердин интеграциясы.
7.Тарых сабагын окутууда окуучулардын өз алдынча иштөөсү
8. Тарыхты окутуу процессиндеги үй тапшырмасынын ролу
9. Тарых мугалими.
10.Тарых сабакатарындагы маалыматтык технологияларды колдонуу.

11. Тарыхты окутууда компьютердик технологияны колдонуу
**12.** Дидактикалык бирдиктерди ирилештирүү технологиясы. Модулдук-блоктук пландаштыруу.
13. Окуу материалынын схемалык жана белгилик моделдеринин негизинде окутууну интенсивдештирүү же күчөтүү (В.Ф.Шаталов).
14. Мектептеги тарыхты окутуудагы метапредметтик мамиле.
15. Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

**8.1**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачёт) жазуу формада өткөрүлүп, ал үчүн тесттер даярдалат. Тесттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат.

**8.2**.Тарыхты окутуунун методикасы боюнча студент-бакалаврдын билимдерин, жөндөмдөрүн, кесипке ээ болуу даярдыгын көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик система аркылуу ар бир окуу семестринде экиден модуль кабыл алуу ишмердүүлүгүндө жүргүзүлөт.

*Күндөлүк көзөмөлдөөгө:* лекцияларга катышуу жоопкерчилиги жана лекциялардагы интерактивдүү, эксперттик иштер, семинарга катышуусу, семинардагы жигердүүлүгү, өз алдынча иштер боюнча берилген суроолорго жооп берүү, аңгемелешүү, берилген практикалык тапшырмаларды аткаруу. Ишмердүүлүк дээрлик *(окутуучу-студент жана окутуучу-студент-студент)* схемасы аркылуу аткарылат.

*Аралык көзөмөлдөөгө:* Бөлүмдүн бүтүшү менен өз алдынча контрольдук иштерди аткаруу, биринчи жана экинчи модульдарды тапшыруу жыйынтыктары кирет.

*Жыйынтык көзөмөлдөөнү*: окуу планындагы семестрдин жыйынтыгы менен зачет же экзамен тапшырууда күндөлүк жана аралык көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары менен чыгарылат.

## 8.3.СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Демек, студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн аралыктык жана күндөлүктүк болуп жүргүзүлүшү, аларга алган билимдерин системага келтирүүгө, билгичтигин бекемдөөгө, туруктуу көндүмдөрдү калыптандырууга жана тартиптин сакталышына жардам берүү менен алардын билимдерин төмөндөгүдөй критерийлерде баалоого мүмкүндүк түзөт.

**Студенттердин окуудагы жетишкендиктерин баалоо төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

- Күндөлүк көзөмөлдөө боюнча баалоо (сабактарда суроо берүү, контролдук иштер, презентациялар, семинардык сабактардагы активдүүлүгүн баалоо ж.б.);
- Аралык көзөмөлдөө боюнча баалоо (күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу жана аралык көзөмөлдөөнү жүргүзүү: оозеки же жазуу түрүндөгү тапшырмалар, тесттик тапшырмалар);
- Студенттин өз алдынча иштерин көзөмөлдөө боюнча баалоо (рефераттар, эсселер, изилдөө иштери, презентациялар, буклеттер ж.б.).

**5.1. 7-жадыбалюСтуденттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн критерийлери (УРК) (ар бир модуль сайын)**

| **№** | **Алган билиминин критерийлери** | **Күндөлүк көзөмөлдөөнүн баллы (критерийлер боюнча)** | **Күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтык баллы** |
|---|---|---|---|
| 1 | **Маалыматтарды так билүүсү** | | |
| | Маалыматты так билет | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты негизинен так билет | 3 | |
| | Маалыматты анча так эмес билет | 2 | |
| | Маалымат так эмес | 1 | |
| 2 | **Маалыматтарды талдоого ала билүүсү** | | |
| | Маалыматты жакшы түшүнгөнүн көрсөттү | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты анча жакшы түшүнбөгөнүн көрсөттү | 3 | |
| | Маалыматты минималдуу гана түшүнгөнүн көрсөттү | 2 | |
| | Маалыматты жеткиликтүү деңгээлде түшүнбөгөнүн көрсөттү | 1 | |
| 3 | **Терминдерди билүүсү** | | |
| | Терминдерди толугу менен туура колдонот | **4** | 1-4 |
| | Терминдердин көпчүлүгүн туура колдонот | 3 | |
| | Терминдерди минималдуу гана туура колдонот | 2 | |
| | Терминдерди туура эмес колдонот | 1 | |
| 4 | **Студенттин активдүүлүгү** | | |
| | Семинардык сабактарга активдүү катышуусу | **1** | 1-4 |
| | Сабакка келүүсү | 1 | |
| | Чыгармачылык менен ой жүгүртүүсү | 1 | |
| | Өз алдынча иштердин убагында аткарылышы | 1 | |
| | **Жыйынтык** | **18-30** | **18-30** |

**8-жадыбал. Студенттин билимин модулдук -рейтингдик көзөмөл аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| **Студенттин тапшырманы аткаруудагы балдар** | | **Тапшырманын аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар** |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

**9-жадыбал. Студенттин өз алдынча иштерине көзөмөл жүргүзүү аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| **Студенттин жазуу иштеринин (өз алдынча ишинин) баасы** | | **Жазуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар** |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 36-40 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин актуалдуулугу каралса, коюлган маселе боюнча ар түрдүү көз караштарга кыскача анализ берилсе жана өзүнүн көз карашын аргументүү далилдей алса, так жана даана корутундуларды чыгара алса, тема толугу менен ачылса, кошумча суроолорго толук жооп берсе коюлат. |
| 30-36 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага негизинен жооп берсе, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, материалды баяндоодо так эместик байкалса, өзүнүн көз караштарында логикалык ыраттуулуктун болбошу, жазуу ишин коргоо убагында кошумча суроолорго толук жооп бере албаса коюлат. |
| 24-30 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмунунда темадан өтө олуттуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, бирок айрым фактылык так эместиктер кездешсе, ыраттуу баяндоонун бузулуусуна жол берилсе, аргументтүү жыйынтык чыгара албаса, жазуу ишин коргоо учурунда так жана толук жооп бере албаса коюлат. |
| 0-23 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, көптөгөн фактылык так эместиктер кездешсе, ыраатсыз баяндалса, коюлган проблеманы түшүнбөсө коюлат. |

НМУда студенттердин билимин баалоодо 100 баллдык баалоо системасы колдонулат жана баалоонун жыйынтыктары модулдун жыйынтыктары катары AVN маалыматтык системасына киргизилет. AVN маалыматтык системасында биринчи жана экинчи модулдун жыйынтыктары кошулуп эсептелинген соң, кайрадан экиге бөлүнүп автоматтык түрдө жыйынтык балл келип чыгат.Төмөнкү таблицада студентер топтой турган баллдардын минималдуу жана максималдуу маанилери келтирилген.

| Текшерүүнүн түрү | Минималдуу балл | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| УЖТ | 18 | 30 |
| СЖӨИТ | 24 | 40 |
| МТ | 18 | 30 |
| **Жыйынтыгы** | **60** | **100** |

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 10.ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК, МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

**11.1.**Компьютер, проектор, мультимедиалык доска, ресурстук борбор, усулдук кабинет жана китепканалар,маркер, бор ж.б.каражаттар.

## КУРСТУК ИШТИН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАЛАРЫ

1. Россияда жана Кыргызстанда тарыхый методикалык ой-пикирлердин өнүгүшү.
2. Совет доорундагы мектепте тарыхый билим берүүнүн өнүгүшү.
3. Тарыхый билим берүүнүн азыркы мезгилдеги проблемалары жана өнүгүү тенденциялары.
4. Мектепте тарыхты окутуунун максаты.
5. Мектепте тарыхый билим берүүнүн мазмуну.
6. Окуу китеби билим алуунун булагы жана окутуунун каражаты
7. Тарыхты окутуунун усулдары (методдору) жана методикалык ыкмалары.
8. Тарыхый билимдин мазмунунун түзүлүшү.
9. Фактылык материалды окуп үйрөнүү ыкмалары жана каражаттары.
10. Теориялык материалды окуп үйрөнүү ыкмалары жана каражаттары.
11. Тарыхты окутуунун көрсөтмөлүүлүк каражаттары.
12. Тарых сабагындагы картографиялык көрсөтмөлүүлүктөр.
13. Хронологияны окуп үйрөнүү жөндөмдөрү.
14. Тарых сабагында жазуу булактарын окуп үйрөнүү.
15. Тарых сабагында тарыхый документтер менен иштөө.
16. Тарых сабагында көркөм адабияттарды пайдалануу.
17. Сабак окуу процессинин негизги элементи катары.сабактын типтери жана сруктурасы.
18. Кайталоо-жыйынтыктоо сабагын өткөрүүнүн методикасы.
19. Тарых сабагына муталимдин даярдыгы.
20. Аралаш сабактын план-конспектиси.
21. Тарых предметен өздөштүрүүнүн деңгээлине коюлган талаптар.
22. Тарых сабагында колдонулуучу окутуунун технологидаары.
23. Окутуунун жыйынтыгын текшерүүнүн жана баалоонун формала|ры,
24. Тарых сабагында түшүнүксүз терминдер менен иштөө
25. Тарых боюнча класстан тышкаркы иштер.
26. Кыргызстан тарыхы боюнча сабактын темасын пландаштыруу.
27. Байыркы дүйнөнүн тарыхы боюнча сабактын темасын пландаштыруу.
28. Орто кылымдардын тарыхы боюнча сабактын темасын пландаштыруу.
29. Жаңы тарых боюнча сабактын темасын пландаштыруу.
30. Соңку тарых боюнча сабактын темасын пландаштыруу.
31. Тарых сабагында диспут, дискуссия, оюн учурларын өткөрүүнүн ыкмалары.
32. Тарых сабагын окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруунун ыкмалары.
33. Тарыхты окутуудагы предмет аралык байланыштар.

34. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый романдарды окуп үйрөнүү ыкмалары. (Т.Касымбеков «Сынган кылыч», «Келкел»).
35. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый романдарды окуп үйрөнүү ыкмалары. (Т.Сыдыкбеков «Көк Асаба»)
36. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары (Аман Газиев тарыхый повесть «Пулат~хан»).
37. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары (Аман Газиев «Курманджан датка, некоронованная царица Алая»)
38. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары. (Токтоналиев Ж. «Хан Ормон»)
39. Класстан тышкаркы мезгилде тарыхый чыгармаларды окуп үйрөнүү ыкмалары. (Осмоналиев К. «Көчмөндөр кагылышы, Ыйык жер».)
40. Шаарлардын тарыхын окуп үйрөнүү (Галицкий В.Я. «История города Пишпека». (1878-1917),
41. Галицкий В., Плоских В.М. «Старинный Ош».
42. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк мамиленин актуалдуулугу. Билим берүү тармагындагы «компетенциялар» жана «компетентүүлүктөр».
43. Тарых сабагында интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу.
44. Мектепте тарыхты окутуунун натыйжаларын текшерүүнүн функциялары жана мазмуну

**ТЕСТТЕР**

1. «Методика» грек сөзүнөн которгондо -
   а) Педагогика илими
   б) Изилдөө жолдору
   в) Мектеп методологиясы
   г) Окуп үйрөнүү методу
2. Тарыхты окутуунун методикасынын предмети -
   а) Тарыхты окутуу процесси
   б) Илимий изилдөө процесси
   в) Тарыхты таанып-билүү процесси
   г) Педагогиканы таанып-билүү процесси
3. Окутуунун методикасын өз алдынча илим катары караган методист-
   а) Коровкин Ф.П.
   б) Лейбенгруб П.С.
   в) Вернадский В.Н.
   г) Вагин А.А.

*4.* Тарыхты окутуунун методикасы -
а) Психология илиминин тармагы
б) Социология илиминин тармагы
в) Педагогика илиминин тармагы
г) Өз алдынча илим

5. Тарыхты окутуунун эң маанилүү фактору -
а) Көрсөтмөлүүлүктү колдонуу
б) Окуучуларды системалуу түрдө сурап туруу
в) Ар кыл деңгээлдеги программалардын болушу
г) Окутуунун мазмуну

6. Азыркы мезгилдеги мектепте тарыхый билим берүүнүн мазмуну байыркы мезгилден тартып биздин күндөргө чейин окутууну карайт.
а) Башталгыч мектепте
б) Негизги мектепте
в) Толук орто мектепте
г) 7-8-9- класстарда

7. Тарыхый билим берүүнүн азыркы мезгилдеги стратегиясы
а) Гуманизм традициясын улуттук масштабда таануу
б) Идеологиянын ар кыл багытына өтүү
в) Мамлекеттик идеологиянын монополиясын сактоо
г) Адам жана коом жөнүндө бүтүндөй билимдердин системасынан баш тартуу

8. Окуучунун аң сезимдүү жана так кыймыл аракетке (акыл эмгеги жана практикалык) даяр болуу жөндөмдөрү жана аларды ирээти менен жаңы окуу кырдаалына пайдалана билүү
а) Билим
б) Билгичтик
в) Көндүмдүк
г) Түшүнүү

9. Белгилүү программага жана окуу китебине туура келген окуу куралдарынын, методикалык адабияттардын, аудиовизуалдык окутуу каражаттарынын тобу
а) Окуу-методикалык комплектиси
б) Окуу-методикалык кабинети
в) Окуу-методикалык планы
г) Окуу-методикалык иштелме

10. Окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн жана жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен мектепте тарыхый билим берүүнүн мазмуну жана максатына туура даярдалган окутуу каражаты
а) Тарых боюнча окуу куралы
б) Коом таануу боюнча окуу иштелмеси
в) Окутуу каражаттары
г) Көрсөтмө куралдары

11. Тарых өз алдынча предмет катары элдик училищалардын окуу планында канчанчы жылы пайда болгон?
а) 1701
б) 1786
в) 1808
г) 1879

12. Кыргызстанда XX к. башында (1914- жж.) уюшулган көчмөн мектептердеги жалпы билим берүүчү сабактардын элементтеринен окутулбаганы:
А) Арифметика
Б) Медицина
В) Физика, химия
Г) Тарых

13. «Көчмөн» мектептер Кыргызстанда кайсы райондордо алгачкы ирет ачылган жана канча киши окуган?
а) Ош уездинде 3170 окуучу (511 кыз)

б) Нарын уездинде 2000 окуучу

в) Каракол уездинде 1500 окуучу

г) Пишпек уездинде 3000 окуучу

14. 1950-70-жж. билгичтиктин өнүгүшү проблемасынын үстүндө иштеген методист:

а) Дайри Н.Г.

б) Вагин А.А.

в) Запорожец Н.И.

г) Коровкин Ф.П.

15. Жаңы метод менен окуткан мектеп алгач ирет Республиканын райондорунда качан жана кайсы ачыл ган?

а) 1902-ж. Пишпек, Токмок, Каракол

б) 1905-ж. Ош, Нарын, Токмок

в) 1907-ж. Каракол, Нарын, Балыкчы

г) 1903-ж. Пишпек, Нарын, Ош

16. Чоң-Кеминдеги «Шабдания» мектеби канчанчы жылы ачылган жана ал мектеп:

а) 1909-ж. жаңы метод менен окутуучу мектеп болгон

б) 1906-ж. орус-тузем мектеби

**в)** 1905-ж. медресе

г) 1909-ж. орус-тузем мектеби болгон

17. Жаңы метод менен окутуучу мектептеги мугалимдердин улуттук курамы жана келген аймагы

а) Орус улутунун өкүлдөрү, Россиядан келишкен

б) Жергиликтүү кыргыз улутунан чыккан мугалимдер

в) Кытайдан келген дунган мугалимдери

г) Поволжье менен Түркстандын улуттук (буржуазиясынын өкүлдөрү, татар улутундагы мугалимдер

18. Жаңы метод менен окутуучу мектеп деп эмне үчүн аталган?

а) Окуу, жазуу курсу киргизилди

б) Географиялык карталар, мугалимдер үчүн столдор, парталар, доскалар колдонулган

**в)** Татар мугалимдери окуткандыктан

г) Орус мугалимдери окуткандыктан

19. Педагогдун «бир нерсе жөнүндө маалыматтарды берүүсү же билдирүүсү» боюнча ишмердүүлүгү

а) Окутуу

б) Сабак берүү

в) Окуп үйрөнүү

г) Изилдөө

20. Изилдөөнү жана чечүүнү талап кылган илимий же окуу багытындагы теориялык же практикалык маселе

а) Проблема

б) Түшүнүк

в) Ыкма

г) Эске тутуу

21. XIX к. аягында XX к. башында орус маданиятын таратуу максатында түзүлгөн мектептер:

а) Медресе

б) Мектеп

в) Орус-тузем мектептери

г) Орус-кыргыз мектептери

22/Окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүн жана жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен мектепте тарыхый билим берүүнүн мазмуну жана максатына туура даярдалгаи окутуу каражаты:

а) Тарых боюнча окуу колдонмолору

б) Коом таануу боюнча окуу иштелмеси

в) Окутуу каражаттары

г) Көрсөтмө куралдары

23.Белгилүү предметтин окутуу процессинде аныкталган бышыкталган маңызы:

а) Тарыхты окутуу процессине таасир берүүчү күчтөр

б) Окутуу процессинин мазмуну

в) Окутуунун максаты

г) Окутуунун натыйжасы

24.Сабактагы негизги түшүнүктөрдү, таанып билүүчү тапшырмаларды, окуу куралдарын, окутула турган теманын чегинде текшерүүнүн формаларын, теманынын же бөлүмдүн аталышы көрсөтүлгөн кыскача же кеңири сабактык план

а) Тематикалык план

б) Тематикалык блок

в) Тезистер

г) Чыгармачыл образдуу тапшырмалар

25.Сабактардын жөн гана биринин артынан экинчисинин уландысы эмес, логикалык жактан окуучулардын билим жана билгичтиктеринин өнүгүшү аркылуу, темасы коюлган максаты боюнча жалпылыкка ээ болгон сабактардын системасы:

а) Чыгармачыл образдуу тапшырмалар

б) Тематикалык блок

в) Тематикалык план

г) Тезистик блок

26.Жалпы билим берүүчү мектептерде тарых сабагы боюнча окуу китептеринин авторлору болуп:

а) Омурбеков Т.Н., Чоротегин Т.

б) Осмонов О.Дж., Молдокасымов К.М., Мырзакматова А.

в) Иманкулов М,,К., Саалаев О.Б., Дооталиев А.

г) Молдобаев И.Б., Аттоку ров С. А.

27.Окуу китебинин аткарган кызматы:

а) Системалаштыруучу

б) Алаксытуучу

в) Мазмундаштыруучу

г) Билимдерди эсепке алуучу

28. Окуу китебинин текстинин татаалдыгынын байланыштуулугу:

а) Тарыхтын курсуна, мезгилине

б) Окуу китебинин түшүнүктөргө, терминдерге, даталарга жыштыгына

в) Окуучулардын психологиялык кабыл алуусуна

г) Автордун илимий көз карашына

29.Тарыхый материалды оозеки айтып берүү, аңгеме өткөрүү, окуу китебин, илимий адабияттарды, тарыхый документтерди окуп талдоо методу кандай аталат?

а) Оозеки

б) Жазуу

в) Документалдык

г) Баяндоо

30.Репродуктивдик методго киргени:

а) Эвристикалык

б) Түшүндүрүү
в) Проблемалык
г) Изилдөө

31.Таанып-билүү ишмердүүлүгү боюнча окутуунун методдорунун классификациясына кайсы метод кирет?

а) Түшүндүрүү-иллюстративдик
б) Басма-сөз
в) Көрсөтмөлүүлүк
г) Оозеки

32.Мугалим менен окуучулардын ортосундагы биргелешкен ишмердүүлүктүн негизинде тарыхый материалдын мазмунунун талданышы жана жаңы теориялык жоболордун түзүлүшү:

а) Талдоочу аңгеме
б) Жетелеме аңгеме
в) Суроо-жооп аңгеме
г) Айтып берүү

33.Бүтүндөй тарыхый фактыларды ой жүгүртүү аркылуу, структурасын, составдык бөлүктөрүн талдап көрсөтүү жана өз ара бири-бири менен байланыштыруу...Бул ыкма «чек аралык» деп аталат, себеби аны колдонуунун натыйжасы эмпирикалык (тажрыйбалык) билимдерди жана теориялык жоболорду түзөт:

а) Сүрөттөп талдоо
б) Мүнөздөп талдоо
в) Салыштыруу
г) Далилдөө

34.Предметти окутуунун закон :ченемдүүлүгүн изилдөө менен окутуунун натыйжасыи жогорулатуучу педагогика илиминин тармагы

а) Тарыхты окутуунун методикасы
б) Педагогика
в) Психология
г) Философия

35.Ишмердүүлүк чөйрөсүндө колдонулуучу ыкмалар, белгилүү жөндөмдөрдүн, окуулардын, теориялардын системасы, изилдөө жолдору; бул системалар жөнүндө окуулар, теориялар, усулдар. Тарых илиминде аны илимий таанып-билүүгө багытталган окуулар, алардын түзүлүш принциптери.

а) Методология
б) Окутуу методдору
в) Ой жүгүртүү системасы
г) Логикалык ой жүгүртүү

36.Маанилүү тарыхый фактылардын, коомдук өнүгүү закондорун жана түшүнүктөрүнүн мазмунун, тарыхый маанисин, себеп натыйжаларын, өзгөчө белгилерин кыскача, так, жалпылап санап берүү ыкмасы. Окутууда индуктивдүү жана дедуктивдүүлүк катары колдонулат.

а) Жалпылап мүнөздөмө
б) Сүрөттөө
в) Далилдөө
г) Түшүндүрүү

37. Коомдогу белгилүү топтун өкүлдөрүнүн же чыныгы тарыхый ишмерлердин сырт келбетин жана көз карашын, ишмердүүлүгүн портреттик сүрөттөөнүн негизинде жаркын образдарын түзүү.

а) Образдуу мүнөздөө
б) Образдуу баяндоо
в) Образдуу тапшырмалар
г) Модерндештирүү

38.Тарыхый фактылардын тышкы мүнөздөрүн кайрадан түзүп чыгууга багытталган, «ачык жооп» тапшырмаларынын бир түрү.
а) Логикалык тапшырмалар
б) Образдуу тапшырмалар
в) Көнүүгүлөр
г) Логикалык схема

39.Тарыхый фактылардын маанилүү, олуттуу белгилерин, себеп-натыйжаларын, мыйзам-ченемдүүлүкгөрүн баалоо, талкуулоо жана бүтүндөй аргументтүүлүк менен жеке адамдын айтып берүүсү.
а) Аңгеме
б) Баяндоо
в) Түшүндүрүү
г) Билдирүү

40.Тарыхый окуяга түздөн-түз катышкан жана күбө болгон адамдын атынан окуяны сюжеттик же образдуу баяндоонун оюн түрүндөгү ыкмасы.
а) Персондоштуруу
б) Драмалаштыруу
в) Талкулоо
г) Проблема

41.Окуп үйрөнүлө турган материалдын өзгөчөлүгүнө дал келген, мугалим менен окуучунун окуу ишмердүүлүгүндөгү практикалык жөндөмдөрү катары окутуунун методдорунун курамына кирген методикалык категория.
а) Ыкма
б) Метод
в) Тапшырма
г) Түшүнүк

42.Тарыхты окутуудагы графикалык ыкмалар
а) Таблицалар, схемалар
б) Сүрөттөөлөр, мүнөздөөлөр
в) Аңгеме, баяндоо
г) Талкуу тапшырмалары

43.Окутуунун жеке милдетин чечүүгө багытталган, мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүндөгү негизги усулдук кыймыл-аракет
а) Окуучулардын билгичтиги
б) Окуучулардын машыккандыгы
в) Окутуунун ыкмалары
г) Окутуунун топтору

44.Көрсөтмөлүүлүк каражаттарына кирбегени:
а) Карта
б) Сүрөттөр, плакаттар, аудио-видео техникалары
в) Окуу китеби, доска, бор
г) Көркөм адабияттар

45.Хронологияны окуп үйрөнүүдөгү усулдук ыкмага:
а) Даталар менен иштөө
б) Жыл саноо
в) Календарь
г) «Убакыт лентасы»

46.Окуучунун аң-сезимдүү жана так кыймыл аракет жөндөмдөрү жана бул кыймыл аракеттерди жаңы окуу кырдаалдарына ыраатуулук менен колдоно билүү даярдыгы

а) Билим
б) Теория
в) Билгичтик
г) Көндүмдүк

47. Коомдун ар кыл катмарынын өкүлдөрүнүн карама-каршы кызыкчылыгын билдирген көз караштарын эки жана андан көп адамдын диалог, сюжеттүү баяндоо формасында берүү ыкмасы. Анын негизиндеги конфликтик кырдаалды түзүү.

а) Персондоштуруу
б) Далилдөө
в) Драмалаштыруу
г) Сыртка чыгаруу

48.Мазмуну жана жалпылыгы, маңызы боюнча эки же андан көп тарыхый фактыларды жалпылоо жана салыштыруу аркылуу талдоочу татаал ыкма

а) Салыштырмалуу мүнөздөмө
б) Аңгемелешүү
в) Аңгеме
г) Баяндоо

49.Жарандардын билим алуу деңгээлине мамлекет тарабынан коюлган КР «Билим берүү тууралуу» мыйзамы менен коштолгон мамлекеттин, коомдун, адамдын кызыкчылыгына максаттуу багытталган окутуу жана тарбиялоо процесси.

а) Тарбиялоо
б) Окутуу
в) Максат коюу
г) Билим берүү

50.Сүрөттөр, аппликациялар, иллюстрациялар көрсөтмөлүүлүктүн кайсы түрүнө кирет.

а)Картиналык
б)Плакаттык
в)Типтүү
г)Көркөмдүк

51.Макеттер, моделдер, музей экспонаттары керсөтмөлүүлүктүн кайсы түрүнө кирет

,а) Предметтик
б)Практикалык
в)Модельдик
г) Сюжеттик

52.Карталар, схемалар, графиктер, планшеттер, картосхемалар көрсөтмөлүүлүктүн кайсы түрүнө кирет?

а) Картографиялык
б) Статистикалык
в) Графикалык
г) Шартуу-графикалык

53.Диафильмдер, кинофильмдер, пластинкалар, видеозапистер, звукозапистер көрсөтмөлүүлүктүн кайсы түрүнө кирет?

а) Компьютердик
б) Проектилик
в) Экрандык үн чыгаручу
г) Магнитофондук

54.Грамоталар, мыйзамдар, программалар, келишимдер, буйруктар

а) Актылык мүнөзгө
б) Мыйзамдык мүнөзгө

в) Юридикалык мүнөзгө
г) Жазуу мүнөзүнө

55.Мемуарлар, хроникалар, летопистер, каттар
а) Баяндоочу-сүрөттөөчү мүнөзгө
б) Монографиялык мүнөзгө
в) Жазуу-графикалык мүнөзгө
г) Кыймылда болуучу мүнөзгө

56.Уюштуруу учуру, окуучуларын билимин, жөндөмдөрүн текшерүү, үй тапшырмасын текшерүү, жаңы материалды окуп үйрөнүү, бышыктоо сабактын кайсы тибинин структуралык компоненти болуп эсептелет
а) Кайталоочу-жыйынтыктоочу
б) Аралаш сабактын
в) Окуучулардын билимин эсепке алуу
г) Кайталоо сабагынын.

57. Мазмуну жана жалпылыгы, маңызы боюнча эки же андан көп тарыхый фактыларды жалпылоо жана салыштыруу аркылуу талдоочу татаал ыкма
а) Салыштырмалуу мүнөздөмө
б) Аңгемелешүү
в) Аңгеме
г) Баяндоо

58. Жаңы метод менен окутуучу мектеп деп эмне үчүн аталган?
а) Окуу, жазуу курсу киргизилди
б) Географиялык карталар, мугалимдер үчүн столдор, парталар, доскалар колдонулган
**в)** Татар мугалимдери окуткандыктан
г) Орус мугалимдери окуткандыктан

59. Азыркы мезгилдеги мектепте тарыхый билим берүүнүн мазмуну байыркы мезгилден тартып биздин күндөргө чейин окутууну карайт.
а) Башталгыч мектепте
б) Негизги мектепте
в) Толук орто мектепте
г) 7-8-9- класстарда

60. Тарыхты окутуунун методикасы -
а) Психология илиминин тармагы
б) Социология илиминин тармагы
в) Педагогика илиминин тармагы
г) Өз алдынча илим